**БЕКБОЛОТОВА АЙШАИМ**

# БУЛ ӨМҮР

**Ош – 2017**

УДК 821.51
ББК 84Ки 7-3
Б 42

Б42 Бекболотова Айшаим
Бул өмүр. Ырлар, кошоктор, 116 б. Ош. 2017

ISBN 978-9967-466-71-5

Бул китепке Ата Журт, мекен, ата- эне жөнүндөгү, лирикалык ыр жыйнактар кошоктор жазылды.

Б 4702300200-17

УДК 821.51
ББК 84Ки 7-3

ISBN 978-9967-466-71-5

© Бекболотова А.
2017

## ЭГЕРДЕ СУУ БОЛБОСО

Суу өмүрдү узартат
Суусуз өмүр уланбайт
Суу менен  бүт тиричилик
Кара жер да топурак
Каныкса сууга көрк болуп
Жер көгөрүп чөп чыгат
Булбул сайрайт багында
Сөз чечени безилдеп
Ырдап чыгат акында

Эгерде суу болбосо
Какыраган чөл болмок
Тирчилик жашоо түгөнүп
Мемиреген түн болмок
Жаратылыш коздугу
Жашоосуз мейкин чөл болуп
Адам эмес ал жерде
Курт кумурска сойлобой
Тирүүнүн болуп тозогу
Тиричилик токтомок

Суу менен биз адамбыз
Суу менен биз өнөбүз
Суу түгөнсө өлөбүз
Эгерде суу болбосо
Кунарсыз болмок өсүү жок
Өнбөй өспөй эч нерсе
Жашоо деген жок болмок
Жан жаныбар баарысы
Өмүрүн улайт суу менен

Суу менен көңүл тазарат
Суу менен адам жашарат
Кандай кара так болсун
Жууса таза так калбайт
Ошон үчүн айтышат

Суудай болсун өмүрүң
Суудай таза арuулук
Жашоо берсин ак тунук.

Айтканымды илип ал жаштар
Кулагыңа түйүп ал
Сууну паркта сактагын
Арылтып акыр чикирден
Кор кылбагын балдарым
Ыйыктыгын сезип сен
Душмандардан сактагын
Түгөнбөс кенч байлыгын
Ыйык туткун сатпагын

Дилиң таза суудай ак
Болсун балдар тилегиң
Ишиң секин жүрүшөр
Эмгек кылсаң жер казып
Элиңде болоор береке
Көгөрткүнүң жериңди
Сүйө билгин элиңди

Эрикпестен суу жайып
Билекти түрө иштесең
Эгиниң турар жайкалып
Кызылың толоор кырманга
Бул эмгектин үзүрү

Өрүк алма гүл ачып
Огородуң көрктөнөт
Картошка сабиз өзүңдө
Камсыз болоор кыйналбай
Кор болбостон көөнүң ток
Каалаган мөмө жемишиң
Дасторкондо жайнайтго
Берекесин берсин деп
Даам сызган адам сени алкап
Ыразычылык билдирип

Батасы сага тийбейби
Жакырчылык өзү эле
Жерге житип кетпейби

Эмгек кылгын эринбе
Токчулук болуп элимде
Кененчилик болбойбу
Ыгы менен биз сууну
Пайдаланып иштетсек
Жарык болоор үйүңдө

Балдарың бейпил жыргамак
Свет өчпөй күнүгө
Жаңылык угуп бей марал
Элиң аны тыншамак
Сууга кенен бай элбиз
Кадырын анын билели
Ардактайлы парктайлы
Кор кылба сууну кор кылба
Кор болосун анда сен

Суусуз жашоо
Бул тозоктун өзүдүр
Тирүүлүктүн билгендерге
Балбыл жанган көзүдүр
Мүрөк суусу
Өз колуңда турбайбы
Калпы чындык
Суу болбосо жашоо жок
Оо адамдар
Уккулачы парктайлы?!!

## ТИРҮҮ АЛЫКУЛ
## (Алыкул Осмоновдун 100 жылдыгына карата)

Тушаптыр тагдыр аны туш тараптан
Сүйүү, оору шар кете албай муунтуп
Чырак жанып түн бою
Ыры менен котормосу күч болуп
Күрөш менен өткөрүптүр күндөрүн

Күрт, күрт тынбай жөтөлсө да тынымсыз
Өмүр ажал бетме-бет кармашып
Тике карап коркпой үркпөй ажалдан
Муундан муунга өтө турган унутпай
Жаратыптыр алп акын
Өлбөс, өчпөс ал экинчи өмүрүн

Отуз беш жаш кыска өмүр кыска жаш
Ченесе да тагдыр анын өмүрүн
Көптү берди ата журтка кеңири
Тынбай согуп эл жер үчүн жүрөгү
Ысык Көлгө суктанганга эс алып
Жаратыптыр ырларын да
Өлбөс өчпөс өмүрүн

Ыр деп  жашап ыры менен даңкталган
Алыкул алп ыры менен дем алган
Ыры менен өзүн өзү дарылап
Экинчи өмүр жаратыптыр Алыкул
Эрки күчтүү адам экен таң калам
Кылымдан кылым өтсө да
Тирүү Алыкул эл ичинде ыр майрам

Өзү түздөп эстелигин ыр менен
Суусу болуп каны цемент, фундамент
Курган тура ыр дүйнөсүн кооз кылып
Бузулгус чеп окуп көрсөң чын эле
Өзү айткандай кум шагылы төшөгү
Жашай берет эл ичинде

Алыкулдун ыры жаш

Ырларында кайгы да бар сүйүү бар
Эл жер үчүн чакырыктар ураандар
Деги койчу баарын баарын жүрөгүнө баткырган
Алыкул ээй туйгуну экен адамдын

Кайда Алыкул театрда ал тирүү
Кайда Алыкул
Созолонот сахнада ыр болуп
Кайда Алыкул
Үч кыл комуз кылдарында дирилдеп
Жашап атат адамдарга күү болуп
Жашайт тирүү акындарга ыр болуп

Жаш кезинде жетпей калган сүйүүсүн
Жаштар ырдайт аны менен ал жеттип
Жашабаган узагыраак өмүрүн
Эли эскерет унутпастан
Узак жашка ал жеттип
Поэзия сүйгөндөрдүн колунда
Тоо койнунда аяз чөлдө жан шерик
Тирүү Алыкул кадам сайын жаныңда.

## САЯПКЕРИҢ БАЛАҢ БОЛСО

Жаштыгың
Гүлдөп туурган курагында
Табына
Келип турган күлүк сымал
Ооздуктап
Турасаң дагы туйлап тураар
Кандай күч
Кандай тоскоол болсо дагы
Мерчмемдү
Жерге барып анан тынаар

Жаш кезде
Алгыр кушсуң көктө сызган
Талбайсың
Чарчабайсың эмне кылсаң
Куушурулуп
Качканды кууп жетесин
Чеңгелиңден
Чыгарбайсың сен эч качан

Өткүрсүң эмне айтсаң аткарылаар
Кынтыксыз
Жасаганың майы чыгаар
Күчүң да
Акылың да айкалышып
Сен жетесин максатыңа

Бирок да
Пайдалангын ыгы менен
Күчкө салып
Зөөкүрлүкө кирип кетпей
Артыңда
Алкыш калаар сен туралу
Урмат сый
Кошо жүрсө сени менен

Мезгил өтөөр
Билинбестен алга жылып
Кайрат күч
Сенден кетип алсызданып
Ташыркап
Така түшкөн ат сыяктуу
Ар тараптан
Оору курчаар сени аңдып
Жаштыгыңды
карманып кала албайсың
Калаарсың сен
Изин таппай улутунуп

Жыл өтөөр
Бүдөмүк түш сыяктуу
Акыл жетет
Аткарылбайт күч кубатсыз
Мүдүрүлүп
Кайра турган күлүккө окшоп
Ара жолдо
Көз бозоруп сен калаарсың

Анда сага
Саяпкериң балаң болор
Зирек болсо
Таптап сени топко кошоор
Мезгил өтөөр
Жаш өдөлөп алсызданып
Көктө сызып
Уча албайсың канат кагып
Көзүң жетет,
Карылык, талпынасың бара албайсың
Жүлүнүңдү муунтуп жүдөп

Анда сага
Мүнүшкөрүң балаң болоор
Бапестеп үндөп турса
Анда сенин багың толоор

Тынч жашаарсың
Ата деп апалап сыйлап турса
Небирең
Эркелеп ээрчип алса
Деми менен
Алардын кубатынан
Жашарасың
Анда сага күч кошулаар
Башыңа
Кетпес дөөлөт кут конгону
Ар пенденин
Тилеги ушул гана.

## БАКЕН ЭЖЕ
***(Бакен Кыдыкеванын элесине)***

Бакен эже
Бакен эже улуу инсан
Бүт өмүрүн арнаган мекенине
Көп образ ачып берди өз элине
Бирде жетекчи өз элин сүйгөн
Бирде Аскер кызматчы мекенине күйгөн
Деги койчу, көп кырдуу образдын ээси
Кыргыз эли үчүн төрөлгөн

Кинодо, айкөл эне
Бала деп баласына мээрим төккөн
Эненин образын жаратты көп
Эзилип жүрөгү баланын кайгысын жеп
Турмушта жетпей калган өксүктөрүн
Толуктагандыр эне экенин кинодо сүрөттөп

Эжени айтышат боркер, ак көңүл адам
Анан кантип үй бүлөдө
Ордун таппай калды экен деп
Ойлонтот, ойлонтот ушул суроо
Баалабай түшүнбөстүк анын паркын
Алган жардан көңүлү калды бекен.

Таарыныч. түшүнбөстүк мерез кылып
Өмүрүн театрга арнагандыр
Энелик мээримин ролдо ойноп
Бала жытын сагынгандар
Күтүүдө өтүп бүт өмүрү
Рол менен ички бугун чыгаргандыр

Күткөндүр баркын билген өмүрлүк жар
Күткөндүр тирек болоор аяр адам
Күткөндүр баласын өмүр боюу

Кубат болоор бала жытын
күткөндүр ээ алда адам.

Өмүр кетет тез окулган барактай
Ырыскыны колдон жулган куюндай
Эжекенин өмүр жолун угуп, тыңшап
Каректен мөндүр, мөндүр жаштар кулап

Кантип эле кандан бүткөн өз баласы
Бир жолу да кайрылбаптыр алын сурап
Тарбиясы кумча куюп кулагына
Койду бекен өз баласын душман кылып.

Бул өмүрүн
Кээси жактайт сөз жетпейт
Кай бирөөнө
Такыр жакпайт кол жетпейт
Бул жашоодо
Ак карасы жарышып
Душман чыгат кээ бирде
Жашоо өзү ошон үчүн кызыктыр
Тагдыр оюн жашоо бүтпөй дегеле

Неликтен оо адамдар мыкаачыбыз
Көрө албастык бут тосуулар алам уруп
Жалганды чындык кылып көз көрүнөө
Үмүтүң жерде калат тепселенип
Эженин да жашоосуна бүлүк салып
Муз кылгандыр жүрөгүн бүлүндүрүп

Чынында эле Бакен эже ким эле?!!
Улуу инсан залкар талант көп кырдуу
Чебер артист улуу актер кинодо
Сулуулугу жан дүйнөсү топ келген
Маданият күзгүсү эле билгенге.

## КЕЧИР МЕНИ КЕЧИКСЕМ

Туулган жерим турпагыңдан айланам
Сени менен сыймыктанам мактанам
Балалыктын ширин таттуу күндөрүн
Өткөрүпмүн сенде калды кайтпастан
Сен үйрөттүң сенден алдым мээримди
Кайталангыс балалыгым ыр майрам

Шыбырашып шамал жүрсө токоюуң
Обон созуп түрдүү, түрдүү ыр ырдап
Уккунуң деп мага айтып жаткансып
Көпкө тыңшап аны аралап басчуумун

Шиберлери күү сыяктуу шуудурап
Булбул үнү коштоп турчуу түрлөнүп
Торгой үнү рахатты тартуулап
Жүгүрчүүмүн сазды аралап элирип
Кошо ырдап кошо күлүп мен жыргап

Ийри буйру тунук аккан чоң сууң да
Бирде жайлап бирде толкуп күрп, шарп деп
Ыр болуп кулагыма угулчу
Ал сыйкырлап мени менен кошо ырдап

Көпкө тыңшап канбай калчуу кумарым
Ал кайрыкка кошула албай алдастап
Туулган жерим ыйык кымбат сагынам
Жүрө албадым өз жеримде кеңири
Эми кана көз ачылган кездерде
Кыз экемин учуп кеттим серпилип

Аттиң арман акыл толгон кезимде
Сени аралап сени менен сырдашсам
Көп нерселер ачылмактыр ким билет
Кеңеш берип тоолоруң да таштарың
Сырын төкмөк арча кайың бадалдар

Моокум кана эргимекмин анда мен
Эркин куштай учмакмын
Канат керип көкөлөп
Келин деген көрүнбөгөн туш тарап
Тосмосу бар тор экен
Аны бузуп көтөрүлүү
Маңдайдагы шор аккан

Бийликти сен бекем колго алгыча
Мезгил өтүп токтолбостон шаштырып
Убакытты уттурупмун
Кеч түшүнүп сездим мен

Канчалаган кыялдарым
Туңгуюкка камалып
Шар кете албай келин тосмо
Өчүрүптүр билинбей

Балалыгым эстеп турам үшкүрүп
Миң талпынып көксөсөм да
Келбестирсиң кайрылып
Туулган жерим балалыгым
Көкөлөткөн кош канат
Эргүү берген ата-энем
Эркин багып бөпөлөп

Сыймыктанам, сыймыктанам
Мен «Көңдүктө» туулганга
Кичи мекен эли шайыр
Кичи пейил мейман дос
Суктандырып тунук суусу балыгы
Тартып турат адмдарды
Сыйкырчыдай таза абасы
Кайберени токоюу.

Оба, оба кичи мекен
Тоолу таштуу шиберлер
Мөңгүлөрү жайы кышы
Тоңуп турат мелтиреп
Кай берени кыйма чийме
Зоо бетине жол салып
Мекен кылган Кара-Бел
Тунук кашка мөлтүр суусу
Таштан ташка урунуп
Беттеринде кооздоп турат
Түркүн, түстүү көп гүлдөр

Ар кыл куштар сайрап турат
Үнү сыйкыр керээмет
Менин жерим карагыла
Дал бейиштин төрүндөй
Карагаты, алмачыгы
Жегиниң деп ийилип
Солкулдаган кымыздыгы
Белен азык билгенге

Кайсынысын тандай албай
Мен калдым деп чийеси

Шилекейди агыздырат
Кара күрөң бүлдүркөн

Баары, баары эсимде азыр
Эсте турат жаш бойдон
Бирок мезгил ойго койбой
Кара чачка ак түшкөн
Сени аралап, сени менен ойногон
Секелек кез мына азыр
Кемпир болуп эскирген

Убакытты уттурупмун
Калем алып колума
Сен шыбырап,
Сен ырдаган ырларды мен
Жаза албапмын кечиргин
Кечир мени кечиккен!

Тоо суусундай тунук таза
Балалыгым ыйыгым
Ээрип кетти мөнгү сымал
Күр шар агып ээлигип
Сиңип кетти ал дайрага
Тамчы болуп мөлт этип

Өкүнөмүн убагында мен баалап
Жаза албапмын ойлорумду тизмектеп
Акыл кошуп түрткү болгон адам жок
Кечиксем да колго алдым калемди
Ой туюумум эркке койбой түрткүлөп.

## АЗГЫРЫЛБА СУРАНАМ

Гүл эле
Көргөн көздүн жоосун алган
Жаркырап
Нурун төккөн көктөгү айдай
Келишип
Кийген кийми кымча белге
Жарашып
Узуун чачы мүчөсүнө
Балбылдап
Бото көзү жанат эле
Анда ал
Ай чырайлуу сулуу эле
Көргөн адам
Акылынан адашчуудай
Ким болсун
Мен ин жарым болсо ээ деп
Кыя өтпөй
Көпкө карап тураар эле
Капыстан
Жолуктуруп араң таанып
Нес болдум
Көпкө оорудумдан жыла албай

Кер сары
Өңү өчкөн соолуган гүлдөй
Баягы
Жамалы жок суктандырган
Жүдөгөн
Жээ кийми дадил эмес
Чачтары уйпаланып кейпи кеткен

Сулуулука
Акыл эси дал келбептир
Келечекте
Эне экенин ал сезбептир
Жыргалы деп

Жашоонун ойноп күлүү
Унутуптур
Абийр, намыс эмне экенин.

Жеңил ай
Күнүмдүк жашоону ойлоп
Тереңирээк
Ойлоно албай күндө тойлоп
Манчыркап
Сулуулука жаштыгыңа
Азгырылып
Чылым чегип шарап ууртап
Туткуну
Болуп аны жеңе албай

Башкара албай
Өз акылын өз сезимин
Таштайым
Мына бүгүн, мына бүгүн
Чегип алып
Оюна эмне келсе, баарын жасап
Акыры наркамандын
Кулу болду
Акча издеп

Өзү же иштей албай
Ой дарты
Бир чечимге акча табуу
Оодарып
Көчөдөгү таштандыны
Көздөн учат
Көгөргөн нан бакалашка
Сугунуп
Оокат аштын калдыктарын
Пакет калбайт
Мусурдун баарын чачып
Атиң ай
Абийр эмне сезбей калган

Шарактап
Сулуулугу түрдү  кийим
Оюу пас
Шаң шөкөт күндөгү той
Азгырып
Бекерчилик жеңил оокат
Бул күнгө
Туш уктуруп солгандыгын
Кайдан сезсин
Жээ тарбия аздыгыбы

Кол аарчып
Таштап салган газетадай
Таштанды
Ардактаган адамы жок
Күнүмдүк
Күнүмсүң айымсың деп
Баягы
Кыйбастары алыстаган

Көргөндөр
Бойлорун ала качып чочуп кетип
Артына чегинишип
Сенсиз мага
Жашоо жок деген сөздөр
Азыр мына
Алмашылган баңи айбан.

Эмне деймин
Көрүп туруп үнсүз ыйлайм
Жаш чыкпайт
Жүрөк ооруп жүрөк сыздайт
Бул кимдин
Катаалыгы тарбиябы
Ата эне
Көз жазымда калтырдыбы
Суроо издейм

Эмнеликтен? Эмнеликтен
Жээ эмне, акылынын аздыгыбы?

Оо кыздар
Энебиз биз ойлойлучу
Бийик тутуп
Энелик парзыбызды
Тунук бойдон
Кийинкиге береличи
Доо кетирбей
Өз эненин абийрине
Сыймык менен
Атак даң береличи
Ойлон?!! Ойлон?!!

## АТАКЕМ

Билим берип
Балдарга талыкпастан
Алга үндөп
Илимге каныктырган
Атакем
Эң алгачкы интелегент
Агартуу
Жолуна чыйыр салган.

Ал мезгил
Оор болуп согуш бүтүн
Айлына
Жеңиш менен кайтып келип
Оң колдун
Жилигин тешип өтүп
Даини
Пыркыратып талкалаган

Өжөрлөнүп
Сол кол менен калем кармап

От боюнда атакем план жазган
Чыгарып
Эсептерди от боюнда
Талыкпай
Изденчүү экен тыным албай

Биринчи
Мугалим өз элинен
Түйшүктүү
Кесипти тандап алган

Маңдайда
Үлпүлдөп шайтан чырак
Ал өчсө
От боюна кайра карап
Кыйын кез
Болсо дагы алга умтулуп
План түзүп
Эртеңкиге терең карап.

Атамдын
Болуптур эрки күчтүү
Аз аздан
Көндүрүп оң колго өтүп
Кырк беш жыл
Бир кесипте эмгектенди
Зав. мектеп, дирпектор, завуч болуп

Атакем бүт өмүрүн жаштарга арнап
Кайда айдаса
Баш тартпай көчүп конуп
Талыкпай
Жоопту иштерди аркалады
Кезинде
Башкаларга өрнөк болуп

Өз ишине
Чарбага да так эле

Үй бүлөдө
Каттуу тартип бар эле
Закон болчу
Айткан сөзү балдарга
Баардык ишти
Өз маалында аткар деп

Бизге дайым
Согуш жөнүндө көп айтчуу
Элди сүйгүн
Жерди паркта деп калчуу
Жашыбыздан
Үйрөтүп эмгекчилдике
Тарбияны бекем койчу атакем.

## КУРБУЛАР

Сырдаштарым ички букту айтаарга
Курбуларым ыйыксыңар мен үчүн
Тунук таза өткөрөлү өмүрдү
Кайра келбес бул өмүрүң эч качан

Жолукканда капыялап чер жазган
Унутулуп көр дүнүйөңөр бир паста

Силер менен өткөргөн күн эң кымбат
Кайталанбас бул өмүрүң эч качан

Ыйыксыңар ыйыксыңар курбулар
Тирүүлүктө көр оокатка алданба
Оо курбулар өмүрүңдү,
Ыгы менен пайдалан
Күнү келсе көз ирмемдин ичинде
Эч нерсеге жетпей кетип калабыз
Шашылгының эмгек кылгын чарчабай

Өмүр бизге убактылуу берилген
Сыйлашкының буд дүйнөдө бир келген
Күн артынан түнү келген сыяктуу
Ажал бизди тооруйт бизди сен билсең

Көңүлдөрдү оорутпайлы курбулар
Чер жазгының ак досторкон четинде
Алданбайлы мансап менен байлыкка
Шүгүрчүлүк келтирели баарына

Көптү эңсеп көп байлыкты чогултсак
Тыйынчылык пайдасы жок жаныңа
Калаар баары оо дүйнөгө жол салсаң
Кара турпак болоор сенин жамынчың

Оо курбулар келгилечи чогулуп
Барды коюуп сыр чечишип төгүлүп
Көйгөй кылбай убактылуу дүйнөнү
Эки дүйнө маанисине түшүнүп

Курбуларым өткөрөлү өмүрдү
Тагдыр деген баш ийбейт го билсеңер
Сүйүү, достук баары кетет шилтеп кол
Аз жыргадым дебей турмуш көйгөйүн
Аз да болсо шүгүрчүлүк келтирип

Таттуу таза өткөрөлү өмүрдү

Өлүмү бар тирүүлүктүн артында
Билгин курбум байлык эмес сый урмат
Калсын сенин сыймык менен артыңда

Тагдыр оюн пенде кайдан toймокбуз
Билгин курбум убактылуу конокбуз
Күнү бүтсө жер алдына бекитээр
Түбөлүктүү үйү экенин адамдын
Тирүүлүктө аны кайдан ойлойбуз

Кан сарайың калаар сенин артыңда
Эмгек менен из калтыргын тартынба
Оо курбулар шашылгының сен анда
Өмүр суудай өтөт бизден токтобой
Өтө берсин кайгы муңсуз токтобой

Жакшылыгың тартууласын жараткан
Үмүт үзбөй тилек менен таң тосом
Ыйык таза өткөрөлү өмүрдү
Мүмкүнчүлүк бизге келген колдогу
Өкүнбөйлү элге пайда келтирип
Адамдык парз ыйман болсун ак жолуң

## ЭГИЗДЕРИМ
***(Аликан, Албинама)***

Көктөн түшкөн, дөөлөт кут Аликаным
Чолпон жылдыз жанып турган Албина кыз
Үмүт үзбөй көпкө күттүк сабыр кылдык
Алла берди тилектерди кабыл кылып.

Жаратканга миң мертебе ыраазымын
Медер болуп кубат болуп эгиздерим
Пешенеңер ачык болуп тоскоолу жок
Акылдуу уул кыз болуп өсө берсин

Бейпил болсун жашоодогу турмушуң

Чымыр болуп ден соолугу болоттой
Ыйман берсин багын берсин жараткан
Ар бир күнү болсун дайым жомоктой

Дайыма ата-эне деп күйүп бышкан
Үй бүлөөгө кубат медер болгула
Элиңдин керегине жарап турган
Акылдуу балдар болуп чоңойгула

Жылуу уя коргон болуп, бузулгус чеп
Болсун дайым ата-энеңер жаныңарда
Көкө теңир колдоочуңар болуп дайым
күлкүңөргө чер жазып кумар кана.

## КЫЗ БАЛА ДЕП УНУТУП КАЛБАСАҢАР

Тукумду улап кетээр уул эмесмин
Баланын санындамын атиң кызмын
Антсе да ата тегим «Көңдүктүк» деп
Тайсалдабай сыймык менен шар айта алам

Каным бар Кара Баргы уругунун
Көңдүктүн кызымын мен анда туулгам
Көргөндө чын дил менен учурашып
Туугандар мени унутуп калбасаңар

Киндик каным төгүлгөн кичи мекен
Менин айлым деп айтам сыймык менен
Токоюн аралап чуркап сазда
Балалыгым өткөн эле ошол жерде

Элимде өз жеримде жүрө албадым,
Кыз бала бүлө экен бөлөк элге
Суранам Бекболоттун кызы бар деп
Тугандар айта жүргүн кийинкиге

Баланын баласы билбей калат

Унутуп мени сызып салбасаңар
Жеримден канча алыс болсом дагы
Жүрөгүмдө оюмда тууган турат

Табияттан жат кылып кыз баланы
Жаратыптыр өкүнүчтүү атаганат
Бөлөк элдин тукумун улуп келет
Кыз бала өз элинде унут калат
Ошентсе да кийинкиге айта жүргүн
Жок дегенде эсинде атым калат

Ата-эне өзү теңдүү көзү өтөөр
Улгайат кыз бала да каттай албай
Аты өчүп айтылбастан бул да арман
Баланын баласына айта жүргүн
Суранам оо туугандар унутпастан
Анда деле силердин каныңар бар
Кыз баланы унутуп калбасаңар
Эстей жүрчү унутпастан оо туугандар?!

## БАКТЫЛУУ АТА-ЭНЕБИЗ

Балдарга өтүп сүйүүбүз
Бактылуу ата-энебиз
Ден соолук берип балдарга
Сый үстүндө жүрөлүк
Бактыбыз балдар жашоо улаар
Өмүрүн тилеп жүрөбүз

Чоң эне деп небирем
Эркелеп келсе деминен
Рахат алам жашарам
Карылык деген неменин
Арылып кыйла жүгүнөн

Сүйгөн сайын жүзүнөн
Күч кубат болуп денеге

Мүрөктүн суусун ичкендей
Жашарамын күнүгө
Эт жүрөк бүт элжиреп
Жарп жазаарым небирем

Неберелер дем кубат
Жээнднрим турат күч улап
Байлыгым менин балдарым
Маңдайда күйгөн шам чырак

Маңдайга тийген күн болсун
Жашоосу дайым гүл болсун
Бей капар болуп жашоосу
Бейпилдикте чоңойсун
Өмүрүн бнрсин кудайым
Амандыгын тилеймин

## АЗГЫРЫК АРАК АБАЙЛА

Жаштарга менин айтарым
Арак менен достошпо
Акылың болсо алыс бол
Берилип ага кор болбо

Сезимиң болсо дээриңде
Чын эле деп талдайсың
Эрки жок жеңил ойлонсоң
Кайдагыны айтат деп
Таназарга албайсың

Анда мен айтып берейин
Абайлагын өспүрүм
Эң биринчи ичкенде
Кызыктырып шаттантат
Көңүлүңдү көтөрүп
Кыңкылдап ырдай баштайсың
Март болгонуң ашыкча

Сыйчыл болуп баарына

Алыпкел өлсөк калат да
Толодон куйчу канаке
Тирүүлүктө жыргайлы
Бул дүйнөгө ким түркүк
Кунасалык кылбайлы
Берешен болот аябайт
Каалаганы жакшылык
Чечен болуп сөз жукпай
Акыл айтып ар кимге

Кенен болсоң кең дүйнө
Бар деп турсак барчылык
Жок десең кошо жоголот
Жакшылыкты сүрүп кал
Ичип жегин ойногун
Убагында күлүп кал

Шыкакчы болот досторго
Ойлобойт эргул деги эле
Ичкен ошо аракта
Ден соолугун жаштыгын
Жоготуп алып жатканын

Аңдабайт такыр ойлобойт
Абийирин жутуп атканын
Ойго келбейт кебелбейт
Кийинкисин ойлобойт
Күндө майрам күндө той
Кайталанып күнүгө
Шылтоо издеп ичүүгө

Арак деген абийирсиз
Билинбей тартат азгырып
Аз-аздан сиңип денеге
Оорун издейт өзүнө
Биротоло сиңген соң
Сеники эмес акыл эс
Арак ээлеп мээңди
Башкарып калат өзүңдү
Ар нерсеге азгырып
Акылың алып жазгырат
Мээңде ойноп ал суюк
Болгун мени ичкин деп
Жаман ишке шаштырат

Акырында аң сезим
Башкара албай ууланат
Жетелеп алып куу арак
Сен эмес ал башкарат

Мокочо болуп алганы
Көрүнбөйт көзгө балдары
Шылтоо кылып калп сүйлөп
Билбей калат ал эргул
Талаалап жатып калганын

Үйүндө ыйлайт балдары
Апасынан нан сурап
Үймөктөлүп бурч бурчта

Жуулбастан самын жогунан
Жүрөктөр өйүп кир турат

Аны айтса аялы
Кыжырланып эргулуң
Капарына алабы
Оозуна кирсе эмне сөз
Ошону менен ашашат
Канааттанбай ага да
Союулун ала жүгүрөт.

Ортого түшсө балдары
Желкеден алып ыргытып
Баатыр болот күйүгөт
Таркаганда арагы
Жер карайт башын шылкыйтып
Сүйлөмөк турсун жөтөлбөйт
Турса да тамак кычышып

Айланчыктайт шылтоо жок
Үйдөн чыгып кете албай
Жоготконсуп бир деме
Кайпалактап калп эле
Сыртка чыгып жок болот

Досторун издеп кайрадан
Жүз грам ичке түшкөндө
Унут болуп баарысы
Ошентип жүрүп акыры
Алдырып койду аракка
Убагында токтотуп
Жээ аракты жеңе албай

Арабөк болуп ортодо
Иштен үйдөн айдалып
Салбырап калды талаада
Өзүн өзү күндө алдап
Мына эми таштаймын

Кайрадан ишти баштаймын
Акты кармап оозуна
Убаданы көп берт

Арακты ал көргөндө
Кармана албай калтырап
Нез болгонсуп жалдырап
Кадыр баркын абийирин
Бала чака тууганды
Алмаштырып аракка

Убагында күркүрөп
Өнөрлөрү теңделсиз
Колунан келип баарысы
Инсан болгон илимдүү
Көргөн уккан суктанып
Сый үстүндө кадырлуу
Жутуп коюуп аз аздан
Билбей калды өзү да
Алдырганын аракка

Убагында мактанып
Ооз көптүрүп мен менсип
Аракка кантип мас болсун
Так көтөрүп ал ичип
Белсенип иштээр мезгилде
Белчеден батып аракка
Суранып калды талаада
Садага берген акчаны
Кайрадан жумшап аракка

Үй бүлө калган түңүлүп
Наамыстанып жалтанып
Эне кургур саргарып
Ойлой берип баласын
Ооруга калган чалдыгып

Тоголонуп жыгылып

Беттери бүт көк ала
Туш келди жерде ал жатып
Үшүк алып буттарын
Араң басып калса да
Эптеп күнүн өткөрөт
Тилемчилик садага

Ойлонолу оо жаштар
Сабак алгын өзүңө
Арактын болбойт пайдасы
Башкара албай өзүңдү
Адам деген наамыңды
Алмаштырып нааданга
Уят сый абийирди
Кубалап чыгат сезимден
Ойлонолу жаш кары

## НЕБЕРЕЛЕР

Неберелер
Чоң атанын, чоң эненин сыймыгы
Жашоодогу
Үрөндөрү өлбөстүн
Тукум улап
Атыңды эч өчүрбөй
Даңазалап жашап өткөн
Кандай адам кимдигин

Неберелер
Жылмайганда бүт аалам
Гүл жыттанат
Жарыгы ал неберем
Күч кошулат
Сага дагы кееремет
Солгундаган тамырларга
Кан жүргүзүп дирилдеп

Небирем менин
Мага карай ынтылып
Колун сунса
Алдым тосуп жүгүрүп
Тик көтөрүп
Жыттап-жыттап алганда
Өлбөстүктүн
Мүрөк суусу мен үчүн

Жашарамын
Он жыл артка кайрылып
Дем күч болуп
Кубат толуп денеме
Бала жыты
Теңдеп турат, сен билсең
Солкулдатпай
О дорбастан жашооңду
Тили ширин
Жетелейт ал отур деп
Тапкандарын
Мага сунуп көргүн деп
Турган кези
Кандай кызык өзүнчө
Мен өлбөймүн
Неберелер өмүрдү узартат
Калыктанып эреклеп
Ойногун деп
Алып келип куурчагын
Акыл айтып
Мага кайра үйрөтүп
Фатима кыз
Эмизгин деп мамасын
Магыдаратып тили менен жытына
Оору сыркоо
Бүт жоголуп бир паста
Бул жашоонун
Бейишидир бир үзүм
Неберелер

Амам эсен болгула
Небере сүй
Эркелетип калгыла!

## КАЛЫСТЫКТЫ УНУТПА

Чындыктан кайда качып кутуласың
Көздөр көп көрүп турса кытмырланып
Кулак бар уккандарын чындык кеп деп
Кээлери эселентет кычуу каныып
Пендебиз көкөлөнтүп бири бирин
Кээде биз жерге уруп адамдыктан аша чабып

Кээде туруп адамдарга таң калам
Көзүң барда өтө элпек кам корчул
Мындай болсоң сөзү бөлөк кыйпатчыл
Ошон үчүн пендебизби болбосо
Кармай албай ыргалган

Тең санайсың  курбу дейсиң жан дилден
Баарын төгүп сыр чечишип көйгөйдөн
Бирок кээде өзгөрүлөт бир паста
Дүңнө эмес дос бололу жүрөктөн

Тирүүлүктө жолдош керек жаныңа
Жан дилиңден өбөк болгун сен ага
Барына да жогуна да тең болуп
Күйүп бышып кошо жүрсөң жаныңда
Жолдошсуң сен кыяматтык чыныгы
Оо адамдар калыстыкты унутпа

## МЕН КЫРГЫЗМЫН

Мен кыргызмын
Ала-тоодо төрөлгөн
Мен кыргызмын

Арча бешикке бөлөнгөн
Ат жалында ойноп миннип
Боз үйүндө чоңойгон

Көчммөндүү эл
Мал киндиктүү кыргызмын
Жоокерликте
Ат үстүндө чоңойгон
Кайда жүрсө таш очогу
Алоолоп бийик күйүп
Кыйындыкта өчпөгөн

Казан кайнап
Дасторкону жайнаган
Мейман, дос, эл
Салтын ыйык сактаган
Көрөңгөлүү уюткулуу
Кыргыз болуп
Калганыма мактанам

**КҮТҮҮ**

Кеткен сайын
Жаштык менден ыраактап
Ата энемин
Элестери көз алдымда кылактап
Эске түшөт
Балдарым деп түйшөлүп
Мээрим төгүп
Өзү жеп ичпестен
Балдарына
Катып койчу ыраакта

Көпөлөктөй
Күйпөлөктөп турганы
Санаа тартып
Окуудагы балдарга

Өз жашоомон
Саат сайын
Мүнөт сайын
Көрөмүн
Күтүү, күтүү
Алыстагы балдарды
Санаа менен
Күн өткөрүп жүрөмүн

Жан дүйнөм ооруйт
Жалгыздыкты эстесем
Заман таарып
Жумуш менен
Үйдөн балдар бүт кеткен
Келген кезде
Үйүм толуп бактыга
Кайра кетсе
Ээнсирейmин мен кайра
Муздап калат
Үйүм калат музейдей
Кирип чыгам
Ар бир үйгө мен батпай

Батпай калам
Өз үйүмө ээнсиреп
Кала берем
Көрсөтпөстөн жаш төгүп

Балдарга эмес
Наалат айтып заманга
Отурамын
Ойго батып үшкүрүп
Кур кыйкырык
Бирин бири жамандап
Өлкө өспөй
Сазга батып анан да
Жумуш менен
Камсыз кылса элимди
Кетпес эле
Туш тарапка адамдар

Өкмөтүбүз
Жалган айтып кыйкырбай
Өзү эмес
Эли үчүн иш кылса
Өнүп өсүп
Өкмөтүбүз түптөлсө
Кетпейт эле
Өз жеринде иш кылса
Казынага акча толомок уурдалбай

## ҮЧ КЫЛ КОМУЗ

Муңду, муңду
Сыздайт комуз ый аралаш
Сүйүүсүнө
Жетпей калган армандуу кайрык
Көңүлүң
Көтөрүлөт жүрөк эргип
Кай бир күүсүн

Тыңшачы аңдап тыңшап
Поема, роман, лирикалар
Баарын, баарын батырат.

Үч кыл комуз батыра алган
Кичине
Бирок кеңдик сырын билсең
Кубулжутуп
Окуяны баяндаган

Кыргызым
Койнуна катып алып
Ой кырда
Ала тоодо ой дуңда
Кол ойнойтуп
Түрлөнтүп четрип келген
Калтырып кийинкиге мурас кылып
Кыргыздын
Түптүүлүгүн далилдеген
Үч кыл комуз
Бир көргөнгө комсоо өзү
Кичине деп ойлобо
Сен комузду
Үч кылына
Канча арман күү кайрык
Сүйүнүчтөр
Баткан баарын сүйлөтүп
Кыргызымдын
Баскан жолу жашоосу
Ушул комуз кылдарында сакталуу

## КЕЛИНИМ ГУЛНУРГА

Келин эмес
Кызым менин жакыным
Кеңешчиси
Көрөңгөсү акылдан
Жыйынтыгын
Ойдун таппай турганда
Бир сөз менен
Чечим чыгат акырын

Жылуу түнөк
Үйүн мээрим уясы
Күлүп жайнап
Балдуу чайың сунасын
Айланайын
Балдарыңдан көрө гөр
Бизге кылган
Сый урматтын дабасын

Эч кетпесин
Бул мүнөзүң жүзүңдөн
Кайгы капаа
Болбосун эч үйүңдө
Атын чыгар
Алган жардын дайыма
Күлүп тосуп
Үйгө келген кишиңе

## ЫРЫМ МЕНИН

Ырым менин
Жан дүйнөмдү жеңилдетет
Көңүлүмдү
Көтөрөм ал сергитет
Аанткени ар бир сабы
Жүрөгүмдөн түнөк таап

Анан гана
Ак паракка тизмектелет

Ой толгоо
Сезимдерим бирде ыйлап
Оюмду
Топтой албай жанды кыйнап
Кыйналып
Толгоо тарткан эне сымал
Жарк этип
Ой учугу кайра жанат

Эргиймин
Ал кездерде толкуп ташып
Күрп шарп агып
Толкуп аккан дайрадай
Көз жарат
Жаңы саптар тизмектелип
Боюнан
Бошонгон жаш келиндей
Сергиймин
Кошулуп көңүл эргип
Мен дагы
кошо төрөлгөндөй

## АБЫЛБЕГИМ

Түркүк элең
Туугандардын тиреги
Уютку элең
Ынтымакты, биримдикти сактаган
Баардыгына
Сын көз менен тең карап
Туугандарга кеп-кеңешин
Туура берип толуктап
Шыктандырып
Кубат берип сөз менен

Тамашасы чер жазып
Кандай гана капа кайгы болсо да
Кууп салчуу
Абылбегим дем берип

Үй-бүлөөгө
Камкор эле күйүмдүү
Небересин
Сыймык менен кеп кылып
Максат кылган
Тилектери чоң эле
Сый урматты
Көрө турган кези эле

Күлкү эле
Ал турган жер ыр эле
Юмор менен
Түшүндүрүп ойлорун
Чымчып суйлөп
Капыялап турса да
Чын дил менен
Сыйлап турчу досторун

Кайрымдуу эле
Кылган иши так эле
Кеңеш сурап
Көйгөйүмдү чечкенге
Андан улуу
Болсом дагы аттиң ай
Чечимди мен
Абылбектен укчуу элем

Жакшылыкта кайгырсам да ар дайым
Тирек болуп
Маңдайымда жаркылдап
Акыл менен
Чыйралтчу эле Абылбек
Көңүлүм ток

Болоор элем бей мараал
Көзү жетип
Баардык ишти ал байкап
Намыс үчүн төрөлгөндөй Абылбек

Эли үчүн
Жанын үрөп турчуу эле
Сый көрсөтчүү
Кимдигине карабай
Жылдыз элең
Жанып турган шам элең
Кутуусуздөн жалп дем өчүп чырагың
Кан жуткуруп артыңдагы тууганга

Аллаа таала
Акыл берип өң берип
Аябаптыр боорукерлик жагынан
Чече сүйлөп
Адил чечим чыгарып
Адамдардын укуктарын так айткан
Ченептир го
Өмүрүңө келгенде
Элүү зорго чыктың эле бул арман

Аттың эле бул арман
Жүрөк ыйлайт
Жүрөк сыздайт буулугуп
Аргам канча
Бир оордумда тура албай
Колдон келбейт
Кошо өлүп кете албай
Ичтен сызам
Алсыз болуп баратам
Абылбегим
Күйүтүңө чыдабай

Күнү түнү
Кетпейт такыр элесиң

Өлгөнүңө
Ишене албай кетмин
Жанды коёр
Жер табалбай эстесем
Курмандыкка
Чалгым келим өзүмдү

Өлгөнүн
Арт жагынан кошо өлгөн
Тарыхта да
Болбоптур эч издесем
Акылсыздык
Зөөкүрлүк деп айтышып
Улуулардын
Айткандары тынчытып
Көңүлүм сууп
Көзгө күч келтирем

Топук кылам
Артыңдаргы балдарга
Кумарбегим
Турарбегим, сыймыгым
Пешенесин
Ачып алла алардын
Эл ичинде
Эсен бол деп тилеймин
Алардагы
Так өзүндөй сыйлашып
Турса экен тилегим.

## СЫЙЛАШЫП БИЗ ӨТӨЛҮ

Каны бирге
Таянар туугандарым
Бир уяда
Жетилдик ырыскылаш
Канат байлап
Күүлөнүп биз жетилдик
Учуп кеттик
Туш тушка жашоо талап

Кайда жүрсөм
Кандай кырдаал болсо дагы
Жүрөгүмдүн
Түпкүрүндө силерсиңер
Жакшылыкты
Ден-соолукту күндө тилеп
Жалынамын аллага
Сактай көр деп

Тирүүлүктө
Бир келген мейманбыз биз
Жашоо үчүн
Тынымсыз күрөшөбүз
Сыйлашалы
Туугандар жок дегенде
Жакшы сөздү аябай күндө сүйлөп

Акыбалды сурашып күндө бир маал
Көкүрөктө
Көйгөйдү чечишелик
Мына азыр баарыңар үй-бүлөлүү
Небере-чөбүрөнү эркелетип
Узак өмүр сүргүлө
Эч оорубай
Жакшылыгын көрөйүн баарыңардын
Күбө болуп тоюңарга мен сүйүнүп

## СУРАНАМЫН

Билем ооба чын дилиңден сүйөсүң
Сүйүң үчүн отко дагы күйөсүң
Бирок жаным болчу бир аз сабырдуу
Кызганычтан турмуш урап жүрбөсүн

Кызганычтан күлкү кылба бирөөгө
Бакыт жолун тандадык го биз бирге
Көңүлдөрдү оорутпайлы муздатып
Көйгөй кылып болоор болбос нерсеге

Таттуу турмуш бузулбасын суранам
Кызганычтан үй бүлөңдү бүлдүрбө
Таттуу турмуш балын бирге таталы
Биз жащоонун рахатын тең көрүп

Мээрим сүйүү өткөрөлү балдарга
Өрнөк болчу тарбияны биз берип
Кызганбачы айкөл кенен боло көр
Балдарыңдын сүйүүсүнө термелип

Өрнөк болчу жолдорду биз тандайлы
Жаман жактан үлгү болуп албайлы
Сыймыктанып менин ата-энем деп
Балдарга биз мээрим төгүп карайлы
Суранамын өмүрлөшүм жолдошум
Эч качан биз сый урматтан тайбайлы

Өмүр суусун бизден алсын балдарың
Чаңкаганда тунук, таза болуп бер
Кирсиз болсун жашоодогу турмушу
Изин, салып өзүң үлгү болуп бер
Ар тараптан тирек болуп балдарга
Суранамын бизге коргон болуп бер

Багбаны сен мен анын ширеси
Ширин таттуу эмгегине жараша
Үзүрүн биз чогу чааран көрөбүз
Тарбиянын болгонуна жараша
Тең көрөлү урмат сыйын балдардын
Өксүбөйлү улгайганда атиң деп
Бере албасак жеткиликтүү тарбия

Акыл менен максат каюуп алдыга
Үйрөтөлү ыйык ата салтына
Ыйман менен сугаралы балдарды
Бизден алат жакшыны да жаманды
Үлгү болчу өзүбүздөн баштайлы

Суранамын өмүрлөшүм, жолдошум
Бактыбызды качырбайлы кармайлы
сүйүүбүздү таза ыйык сактайлы.

## БАЛАМА

Уулум менин өз каныман жаралган
Бийик койом өзүмдөн да баарынан
Эсте болсун апакеңдин айтканы
Сырга кылып кулагыңа түйүп ал
Улуулардан кыя өтпө ыйыктыр
Көңүл бөлгүн дайым ага ийилгин
Батасын ал карылардын
Оорутпастан көңүлүн

Эстегиниң буларды сен
Кайда жүрбө оо уулум
Жалган айтпа сен мүңкүрөп турсаң да
Жалынбагын чындык сенде турганда
Бийик көтөр башыңды сен шылкыйпа
Таразалайт ак ийилбейт ар качан

Менменсибе сылык болгун дайыма
Боорукер бол адамдарды сыйлаган
Чындыкты сен өмүр боюу туу тутсаң
Урмат сый сага өзү келет балам

Кемсинтпегин бардыгына тең кара
Колдон келсе жардамыңды аяба
Кем эмес адам
Бир биринен эч качан
Айырмаланат акыл эси тараптан
Абайлагын талдап балам.

Жашоо өзү, ойку кайкы шар кетпейт
Кээде долу
Толкун өңдү жээкке урат

Түпкүрүнө түртүп салат деңиздин
Тумчуктуруп
Дем алууга күч жетпейт

Жашоо өзү
Көп кырдуу ашуудай
Бири тайгак
Муз аралаш мөңгүлүү
Бири жалаң
Карманаарга сыйпалап
Жалмап кеткен
Сел сыяктуу алаамат
Баарын, баарын
Чыдап жеңе билсең сен
Анан гана ийгилиги жаралат

Аны күтпөй
Жалакайлык сен кылсаң
Урунарсың жээктеги дарака
Жээ болбосо
Чыга албай түпкүрдөн
Изсиз болуп
Кетпегиниң оо балам

Аша албастан
Тайгак жолду ашуудан
Кайра артыңда
Кулабагын абайла
Канчалаган сел жүрсө да алдыңдан
Айланып өт
Тушукпастан сен ага
Алдын ала көрө билип талдагын
Сен адамсың
Күрөшө бил тагдырга
Кээ бирине
Даңыр жолду жазыптыр
Айрымдары тая басып жазыптыр
Тагдырыңа жазылгандан эч качан

Качсаң дагы кутулбассың оо балам

Ошентсе да
Өзүң жолду түздөп бас
Алла таалам
Кечиримдүү сен билсең
Түрдүү тагдыр
Түрдүү жолду басарсың
Бешенеңе жазганы ал алланын
Көзүң көрбөйт
Жазып колго карматпайт
Закону ал жараткандын адамга

Ошондуктан өзгөртө албайт эч пенде
Кайда барба
Ошол жолду басасың
Адал жаша
Ак жолуңдан тайбастан
Жетесиң сен
Ак эмгектен мураска
Аша чаппа
Каниээт кылып баарына
Акыл менен
Аңдап бассаң алдыга
Мээнетиңдин үзүрүн сен көрөсүң
Сабыр менен
Алга кадам сен ташта.

## КОНОК ЭКЕН КЫЗ БАЛА

Кыз бала бышып турган кызыл алма
Багбаны ата-эне сени баккан
Жолоочу көзү түшсө үзүп кетет
Улутунуп ата-энең кала берет
Кастарлап бакса болду мейли эми
Сен үчүн чын жүрөктөн бакыт тилеп

Кызыл гүл кыз бала толукшуган
Кулпуруп ыргалса суктандырган
Ким болсун бир жалт этип карап калат
Көз артып сени үзүүгө ашыгышат
Үзүп алып соолутуп таштап койбой
Бапестеп баккандар аз атаганат

Кыз бала назик алсыз кызгалдактай
Катыгыраак жел жүрсө күүлүп калаар
Табиятын дал ушундай жаратыптыр
Дайыма мээримдикти талап кылган

Сүйүнчү сүйүнчү кыз төрөлдү дегенде
Чочуп алат ай ий эмне неликтен
Бала эмеспи кыз бала деп
Жоокалатып калабыз эмнеликтен
Себеби өз үйүнө конок тура
Бой жетсе батына албай өзгө бүлөө
Канчалык эркелеп эркин өспө
Кыз бала кыроо тура жалт деп өчкөн

Дайыма ата-эне ага жөлөк
Бар даамын кызга берет бакыт тилеп
Турса да кадырлашып ага ини
Шашасың бала кездей жуурулушпай
Меймансың сыйың бүтсө кайра тартмай
Кыз бала кетет тура эли бөлөк
Антсе да ата-энеге жакын экен
жүрөгү жык мээримге толгон экен
Өз дебей жат дебей текши карап
Сыйлоо жагын Алла таала берген экен.

## АТА ЭНЕМ

Биз күлгөндө ата-энем кошо күлдү
Ооруп калсак кошо онтоп күнү түнү
Балдарым деп мээрим төгүп жалынып

Калыптантып жашообузду күч менен
Мээнеттерин убагында түшүнбөй
Арсыз пенде экенбиз адам деген

Убагында ойлобой ата энени
Орундаткан биз каалаган нерсени
Барбы жокбу аны кайдан билели
Сыйкыр күчтөй даяр болсо ичип жеп
Билбептирбиз анын кайдан келээрин

Оо ата-энем, кечиргиле
Ойсуз тентек балдарыңды кечиргин
Эне болуп түшүндүм ээ мен эми
Оюбузда эч нерсе жок мемиреп
Жүргөн күндөр эске түшөт кээ күнү
Тегеректеп ата-энени элжиреп
Бирибиз нан жейбиз деп энтеңдетип
Ыйлайт эле кичинебиз
Кака кана тапкын деп
Барбы жокбу? Кайдан келди
Колго тийсе бурдап жеп

Үйрүлүп үстүбүздө ата-энебиз
Баардыгы даяр болчу бир заматта
Курсак ток кийим бүтүн биз алчактап
Асмандан түшкөн өңдүү баардык тамак
Жегенди, анан оюн менен
Күндөрдү биз өткөрүп

Жылдар өтүп арадан билинбестен
Ал кездерди кайра-кайра эстеймин мен
Жашоо ыргагын түшүнүп калган кезде
Ажал шүмшүк сен кайдан келдиң экен
Таанып эми ак караны көз жеткенде
Кетти!! Ата –эне кайрылгыс жерге

Окутту билимге каныктырды
Үйлөп тойлоп баарыбызды тең тындырды

Ата-энелик парздарын бүт аткарып
Балдарынан урмат сый көрөөр кезде
Ажал деген дабаасыз нерсе экен
Арабыздан ата –энени алып тынды
Алтымышты аша жашап жетимишке
Чыкса эмне ушул арман арман бизге!

## МАМИДИНОВА МАЙРАШКА

Нечен эне келсе экен деп
Сени эңсеп самашып
Тынчы кетип үмүт менен
Жолду улам карашып
Сенин жеңил колуңдан Умай эне
Нечен эне боюу сергип көз жарып

Ак дилиңден мээрим төгүп аялга
Алаксытып толгоо тартып жатканда
Колуң тийсе жаны сергип көшүлүп
Өмүр улап көптөгөн сен апага

Наристелер ыңаалаша жар чакырып
Бул дүйнөгө келгенин
Биринчи көз сени карап
Тунук таза канатыңдай ап апак

Ак жолтойсуң аялдардын пирисиң
Баш ийип биз таазим кылып келебиз
Үй бүлөөңдө сый урматка бөлөнүп
Үзүрүн көр Майраш досум көп жашап.

## ЖАКШЫ ЖАКТАН ӨРНӨК БОЛ

Келе жатып небиремди жетелеп
Көп нерсеге, көп көздөргө туш болдум
Сылык сыпаа ийилишкен жаштарга

Жүрөк жылып жакшы сезим жык толду

Алкыш айтып ичим жылып артынан
Ата эненин сыймыгы
Келечекте кыргызымды көтөрөөр
Тарбиясы татыктуу жаштар экен
Өмүр берсин деп калдым

Көп өтпөстөн
Ал оюмду сапырып

Бетке урган
Алай дүлөй куюндай
Аңды дөңдү  карабаган боз улан
Ак ит кирип кара ит чыгып оозунан

Таңыркашат жака белде жаш балдар
Койгун деген би радам жок качышып
Кээ бирлери кошо ээрчип алышкан
Чыйрыктырып денем үркүп карадым
Арасында стакандаш карыны

Жаштар дейбиз асмандан ал түшкөн жок
Кайдыгербиз өзүбүздө чоң күнө
Бере албастан учурунда багытты
Билгиниң сен күнөкөрү ата-эне
Көпкө чейин бул көрүнүш тарабай
Түрткү болду  бул ойлорду жазууга

Көңүлү жаш жаштар менен тең ата
Теңтуш болуп ниэттери аракта
Калоо айтып бүтүргөндөй чоң ишти
Сөз талашып бака шака маңызсыз
Муну көргөн алат кандай тарбия

Жакшы жактан үлгү болсоң чоң ата
Небереӊ да сыймыктанат башкача
Карылыкты сыймык менен өткөрүп
Таасир калтыр үлгү болуп башкага
Иче берсеӊ абийириңди сактабай
Алкаш деген сөз угаарсың келинден
Сөз түгөнөөр урматтабайт сени эч ким
Сактай көргүн ушул жаман илдеттен

Жаштар менен тең жарышып күрпүлдөп
Жүргөнүңдү ким жактырат карачы
Бир өзүңө жагат өзүң көрбөйсүң
Акыл айтсаң балаңа
Өзүңчү деп айтышаары бышык да!!!

Карылык бул үлгү болуу кичүүгө
Урмат көрүү бактылуу
Карылык да мойнуңдагы чоң милдет
Жаш муундарга өрнөк болуу татыктуу
Кызык көрбө утурумду жашоону
Чектелбейли күнүмдүк көр оокатка

Дилиң таза ак эмгекте жашасаң
Сый урматта бөлөнөсүң ар убак
Дөөлөт сага дөөлөт сага түгөнгүс
Сыймык менен атың калаар башкага
Унутпайлы кары деген кадыр барк!

## ОЙ ТОЛГООЛОР

Балалык
Көктөм сымал бир жарк эткен
Балалык
Суу сыяктуу агып кеткен
Мезгил келсе
Кармап аны кала албайсың
Кош айтып
Кол булгалап бийик көктөн

Балалык кез жуурулушуп
Боз торгойдун үнүнө
Балалыгым ашык болуп
Кулпурган талаа гүлүнө
Сагындырып кусаа кылып
Байкатпастан менден кеткен

Терезеңди
Тык, тык чертип сени арбап
Сага келээр
Толукшуган күлгүн курак
Шаңга бөлөп
Оюн эмгек жуурулушуп
Сезбейсиң
Сенин жашооң кандай өтөт

Жаштык кезиң
Тоо гүлүндөй кулпуруп
Улам, улам
Бийиктикке умтулп
Эми гана
Мокумуна кангыча
Жел жүргөндөй
Сенден кетээр наз кылып

Кечээги жаз
Сенде турбай көз ирмем
Өңү өчүп
Күзгө айланып саргарып
Майда бырыш
Жүздөрүңдү аралап
Санаа куржун
Кайырчыдай көөнөрүп
Айттырбастан сага келээр карылык

Өмүр сен
Шар аккан дайрадайсың
Сен кетсең
Жалганбай алыстайсың
Өмүрүң
Аппак тывыт карга окшоп
Жерге сиңет

Не кылсаң да таба албайсың
Улайт сенин өмүрүңдү урпактарың.

## КЕЧИРГИЛЕ ОО ЭЛИМ ЧЫНДЫКТЫ БЕТКЕ АЙТКАНДА

Демократия, демократия эркиндик
Өз алдынча эмгектен деп
Таратып коомдук мүлктү
Тамыр жайды жеке менчик
Эл бөлүндү шылуундар бай аталды
Эбин тапкан бир эмес экиден жеп
Көпөстөр көбөйдү өлкөбүздө
Бай кедей деген топ пайда болду
Жүдөдү карапайым калк
Байлардын эшигин кагып жумуш издеп

Чет өлкөгө билими туруп
Көпчүлүк кыргыз тарап кетти
Жан багыш үчүн иш издеп
Анан кантсин, маяна таап жеп турган
Завод фабрика жок
Алардын баары таланып,
Талкаланып тонолгон
Маянанын аздыгынан,
Врач кетти, мугалими
Эсепчиси өз өлкөсүн таштап
Аргасыздан батышка жөнөдү

Базар болуп оорду
Соодадан нан таап жеп
Жаш балдар тачки сүйрөп
Тарталбай ийреңдешип
Не айла кыларын билбей калк
Семичке сатат, көчө шыпырат
Кыйкырып көчөмө көчө
Тамагын, чайын сатат

Туруктуу иш болгондо
Бир жерден козголбойт эле калк
Пландсыз иш кылган төбөлдөрдү
Чыркыратып отко ыргыткым келет кээде

Ал кайдан колдон келсин
Зээни кейигенде айтылган сөз
Турмуштан запкы жегендерди көргөндөгү

Көпчүлүк айылда
Кары картаң калды
Алыскы, алсыз жолду тиктеп
Аргасыздан балдарына
Тынчтык өмүр тилеп

Карагылачы кыргызы жок,
Бир да өлкө жок
Колунан баары келет
Жумушубу, соодасыбы
Билимде да баары иштеп

Чет өлкөнүн казынасын,
Байлыгын толтурат
Жанын үрөп өз
Өлкөбүздүн келечигине
Өз салымын кошчуулар

Чет жерде жашап
Инженер, окумуштуу, врач.
Психолог, ишмер бизнесмен
Теги койчу санап түгөтө албайсың
Баардык кесип ээлери бар
Жээ жалган айтамбы
Бул да чындык, чындык
Бийлик байлык үчүн ооз көптүрүп
Өз көмөгүнө кул тарткандан
Кур кыйкырыктан тажадык.

Андай кур убадалардан
Тазаланалы өлкөм
Өз эмгегинен чеке тер төккөн
Бутуна турган чыгаан уулдарыбыз бар
Силер кайдасыңар??!!
Чет жактан тажрыйба топтоп
Көзү каныккан кыргыз уулдары келгилечи
Бир максатка чогулалы
Өбөк жөлөк болуп өз өлкөңдү
Сууруп чык сыздан
Кечиргиле оо элим чындыкты бетке айткандан
Өлкөбүздүн көйгөйү бул
Арылалы оо пендем жаңыралы

**КУНЗУД НИЯЗОВАГА**

Эмгегинен баар тапкан
Билим эшигин ачкан
Эжейибиз Кундуздун
50-жылдык тоюу куттуу болсун
Кышкы суукта, жайкы аптапта
Кыйналдым кысталдым дебей
Арнадыңыз өмүрүңүздү балдарга
Сиз окуткан балдар бүгүн
Эмгектенүүдө ар түрдүү тармакта

Бири врач, бири директор
Өзүңүз менен кесиптеш
Иштеп келет мектепте
Биз да сиздин жолдун жолдоп
Баар табалы эмгектен
Отуз жыл бир кесипте
Наристелер менен аралашып
Тарбия бергенден тажабадыңыз
Эмгек бул өмүр,
Анын эми үзүрүн көрүңүз

Кутмандуу кары болуп
Узак өмүр сүрүңүз.

## КУЛАНЧЫГА
***(кесиптешим Орунбеокв Куланчыга)***

Кечээ эле болгон өңдүү ал күндөр
Көз алдыда экрандай тизмектеп
Жаштык күчү жаштык деми умтултуп
Эрмек кылган чарчоо эмне ал сезбей

Эки кесип ээси эле Кулачы
Эмгек жолун фельшер болуп баштаган
Адамдардын ден соолугу дүйшөлтүп
Талыкпастан ажал менен кармашкан
Диогнозун жаңылбастан так коюуп
Ооруларга кайра өмүр улаган

Дары дармек сумкасында асынып
Чабдар атты тындырбастан бастырып
Ар бир үйдү күндөп түндөп кыдырчу
Бейтап күтүп калбасын деп ашыгып

Укол берип сөзү менен дем берип
Айыгасың ишеничин чыңдаган
Ата-энеге үй бүлөгө карашып
Алмаштырды ал кесибин
Мугалимдик тынчпы деп

Алган жары экөө күндө ээрчишип
Бөбөктөргө арнап өттү өмүрүн

Эстейбиз биз эстейбиз биз курбулар
Элесиңер дайым тирүү жүрөктө
Мектебиңе ыйгарышты атыңды
Унутпастан дайым айтып жүрмөкө

Айтканыңар тарбияңар мүдөөңөр
Текке кетпей оорундалып тилектер
Жетпей калган мүдөөңөрдү балдарың
Аткарды го чоң ырахмат анаке!

## БАЛДАРЫБЫЗ БИЛБЕЙ КАЛСЫН СОГУШТУ

Согуш кайгы согуш апаат согуш өрт
Согуш десе солк деп жүрөк титиреп
Анткени ал адамдарга муң салат
Ажыратып ата-энени баланы
Ажыратып сүйгөнүнөн аялды

Эч убакта согуш өртү болбосун
Дүйнө жүзү тынчтык үнүн колдосун
Бейпилдиктин күнү бизге чачырап
Балдарыбыз эркин өсүп чоңойсун

Ич арадан ыдыраткан
Токтотолу жаңжалды
Достукту биз бекем сактап
Улут бөлбөй жашайлы

Согушту биз түшүнөбүз ажал деп
Бир бирине кайраштырба үгүттөп
Согушкандар бөлүндүрбө элимди
Китептерден окуп гана калышкан
Балдарыбыз билбей калсын согушту эч

## ЖЕҢИШ
***(Улуу жеңиштин 68-жылдыгына карата)***

Жеңиш, жеңиш
Көз жаш менен куралган
Нечен улан келбей калды майдандан
Келечегиң кийинки муун эл журтун
Каны менен коргоп калган аталар

Ата журт деп аттанышып согушка
Он алтынын он жетинин кырында
Арт жагына калтыра албай туягын
Канчалаган эр азамат көз жумган

Согуш апаат согуш көз жаш болуп
Энелердин жүрөгүнө чок салды
Сүйгөндөрүн  өмүр бою күтүшүп
Кыз келиндин үмүттөрү таш катты
Кара кийип ишене албай келет деп
Дайынсыз деп жолду карап саргарды
Эч убакта согуш согуш болбосун
Энелердин үмүттөрү солбосун
дүйнө жүзү тынчтык туусун булгалап
Өз өлкөсүн өз мекенин коргосун
Согушкандар тилектери таш катып
Ата-энени баласынан, сүйгөн жарды
Түгөйүнөн айырбасын.

## СЕН ҮЧҮН

Сен үчүн гүл болоюн мен ачылып
Тамыры өзүң болгун бекем кармаар
Ысысаң желиң болуп сергитейин
Жашоонун туткасы бол кармап турган

Сен үчүн булак болуп мен агайын
Жүзүң чайка сергигин куунак болуп
Шоола болуп нур болуп төгүлөйүн
Искегин жытыңда мууза болуп

Сен үчүн дайра болуп мен толкуюун
Кайыгы сен болуп сүзүп өткүн
Комуздун кылы болуп дирилдесем
Обонун сен жараткын булбул болуп

Сен үчүн нөшөр болуп төгүлөйүн
Көк шиберлүү төрүм бол чалкып жаткан
бүчүр ачып бажырайып мөмөлөйүн
Өзөгү өзүң болуп азыктанткан

Бийиктеги калкып учкан кош канаттуу
Тең салмакты тоготпой кармап турган
Эрши аркак туурбайбы жашоо өзү
Алланын буйругу экен
Закон болуп
Ак кагазга жазылбаган.

## ТИРҮҮСҮҢӨР
***(Кесиптештеримин элесине)***

Биз жаш элек мектебим щаңдуу эле
Каткырык шакабалар шаңдуу эле
Кулпуруп курбуларым талыкпастан
Эмгек күнүн эртелеп баштоор эле

Күн өтүп ай артынан жылдар өтүп

Окуткан балдарыбыз бойго жетип
Ооздук салып мезгил өзү билинтпестен
Картайтаарын ал кезде кайдан сездик

Азыр мына кылчак карап туш тарапты
Таппай турам бирге иштеген курбуларды
Кош айтышып жарыкчылык бул дүйнөдөн
Элестери бешөөнүн көз алдыда
Буудайга аралашкан көсөккө октоп
Калыпбыз биз саналуу

Себепсиз жаз артынан кыш келээрин
Билбепбиз тагдыр сага баш ийбешин
Күн өтүп Өмүрлөр кош айтышып
Кайдан сездик
Кош айтышып кетээринз

Ой күлүк кыялымда силер менен
Бетме бет мен сүйлөшөм тирүүсүңөр
Эскерип окуткан балдарыңар
Силер да арабызда биз менен
Турасыңар курбуларым.

Келген сайын мектепке май айында
Курбулар сырдашчуудай ээлигем
Күү менен кирип келсем конторго
Бөлөк жүз, бөлөк көздөр чочуп карайт
Шалдырап көпкө дейре жыйына албай
Силерди жок экенин билсем дагы
Кыйа албай
Көпкө мен эндирейимин.

Жанчылган дене жаңырып кайра
Токтобой жашоо агылып дайра
Унутулуп унутулбай жаштык кез кээде
Жылт этет өчөт тутанбайт кайра
Ал мезгил азыр алыскы шоола.

## ЖАҢЫ ЖЫЛ 2017

Жаңы жыл
Жаңы ийгилик,
Жаңы жашоо
Ырыскысын берсин алла
Казан толо ар бир үйгө
Бакыт кирсин гүлүн сунуп
Бактылуулук өкүм сүрүп өлкөбүздө

Бей күнөө
Бөөдө өлүм болбосунчу
Тынчтык нуру
Жаркырасын өлкөбүздө

Тынчтык болуп
Жаңы жылда ширелген
Достук болсун
Көп улуттуу элимде
Бир тилекте жараталы
Биримдикти бөлүнбөгөн
Ыйман болсун элимде

Жүрөгүндө дилиң таза
Биригели оо элим бөлүнбөстөн
Улут болбой
Уруу болбой кыргыз элим
Бир бүтүндүк
Болсун дайым келечекте

Балдар үчүн
Түп төйлү ынтымакты
Буза алгыс чеп.
Бөөдө өлүм
Бөөдө кырсык болбосунчу
Буейкутукттук
Өкүмсүрүп өлкөбүздө

Өлкөдө
Туруктуулук дайым болсун
Байлыгы
Кампа толуп ашып турсун
Чачырабай
Кыргыз элим өз элинде
Эргүү менен
Талыкпай эмгектенсин

Бүтүн болуп
Үй-бүлөө чогуу жашап
Карыбыз
Балдарынан урмат көрсүн

Жаңы жыл
Жаштарга эргүү берсин
Оорундасын мааксаттары
Жаңы күч
Жаңы ойлоо өсө берсин
Өлкөгө
Бурулушту алар жасап
Талаалабай
Кыздары бөлөк элге
Энелердин
Көз жашы төгүлбөсүн

Оо жаштар
Келечек силердики
Алданба
Азыгырылба башка агымга

Андан көрө
Көтөргүн өз өлкөңдү
Кыргызды таанытып башкаларга
Билимин
Намыскөйлүк жагы менен

## АПАПАК КАР АЧЫК КИРСИЗ ӨНӨКТӨР

Айлана ак карга курчалып
Күн тийсе күмүш нур чачкандай
Наристедей жаңыдан төрөлгөн
Таптаза аба укмуш тазарган
Күн нуру чагылса ак карга
Тоолор да жалтылдап нурданган

Кар шурусун, кар берметин
Тагынышып тал терек
Кайталангыс сулуулукту тартуулап
Табияттын усталыгын карачы
Кол менен да мындай сүрөт тартылбайт
Бизге берген Алланын белегидир
Жер энени мезгил өзү тазалап

Чана сүйрөп бакырaң көз бөбөктөр
Тээп жүрүшөт каткырышып жарышат
Жолдо калып жыгылганы андан көп
Тоңгонуна кайыл болуп жарышып
Мурундарын шуу тартып

Карды кечип кар чайнашып бөбөктөр
Кардай аппак кардай таза жүрөктөр
Каткырышып бирин бири кубалап
Апапак кар аппак кирсиз өнөктөр
Үшүгөнүн эч сезишпейт жайдары
Таза аба көңүлдөрүн сергитип
Кардай таза балалыктын жашоосу
Бузулбасын заманасы тынч болуп

Жүрөктөрү эч убакта кирдебей

Карап туруп бөбөктөрдүн оюнун
Ойго батам ой учугу бөлүнүп
Эч убакта көңүлдөрү кирдебей
Өсүшсө ээ көр оокатка берилбей
Жаркырап ачык тийген нурду күндөй

Бороон жүрүп аппак карды кирдетет
Кезиккенин улуп-жулуп кыйратып
Так ушундай адамдар бар жашоодо
Ызы чуулу уйгу туйгу багытсыз
Тарбияны бере албаган жакшылап
Аппак кардай аппак таза балдарды
Булгабагын алгылыктуу из салгын
Өрнөк болуп ар убакта балаага
Сен кадамды алга түз таштагын
Балаң дагы кайталайт ал кадамды
Оо адамдар унутпастан эске ал

Бала кезде баары жакшы баары тынч
Анан кайдан жаман нерсе жаралат
Сезе албайбыз түрткү болуп ошого
Тарбияны так өзүбүз бергенбиз
Кайдыгерлик,
Көңүл бурбай балага
Кийин минтип өкүнөрдү билбейбиз

Бала ыйык бала сыймык күч кубат
Эгер ага берсең туура тарбия
Сергек жашоо кубанычты тартуулайт
Жаңылбагын кадамыңды түз таштап
Буюм эмес жакпай калса көңүлгө
Сен ыргытып таштап салчуу мусурга
Өмүр боюу көңүл тынбай өтөөрсүң
Сен балаңа татыктуу
Бере албасаң тарбия

## ШАШЫЛЫШАТ МЕКТЕПКЕ
## (1 сентябрь)

Фартугу да бантиги да
Бажырайып жарашып
Жаш бөбөктөр
Бай чечекей ачылып
Билим жолу
Биринчи аттап мектепти
Шашып барат
Жүздөр сүйкүм албырып

Кубанч да, апкаруу бар аларда
Колдо сумка ыкчам басып шашылып
Коңгуроо үнү шыктандырат шыңгырап
Сырдуу угулат билимге ал чакырып

Ички дүйнөң көйнөгүңдөй ак болуп
Сугарылгын каныккының билимге
Ыйман сени өмүр боюу коштосун
Сыймыктанып эли жериң сен менен

Такшалгының тарбия ал мектептен
Жалкоо болбой китеп менен дос болгун
Көптү билип көп нерсени үйрөнүп
Учуп чыккын канатыңды күүлөп сен

## ОКУУЧУЛАР ЫЙЫГЫМ

Ар биринин өз өңү өз жолу бар
Кош канат биринен бирин өйдө көрө албай
Бажырайып алыстан жанып турган
Келечектин ээлери сыймыктанаар

Тунук көздөр сезимтал жарык маанай
Бойтойгон жылдыздуу кыздар балдар
Сени гана туу тутуп
Сени менен дүйнөнү тааныйт алар

Адал эмгек илимге сен чакырып
Калыптантып дүйнө таанымын
Үлгү болуу мугалимдин милдети
Изин салуу таңгыр жолду таанытып
Түйшүктөндүм алар үчүн күн түнү

Азыр деле баары бары эсимде
Ишенчээк аруу сезим балдар эле
Жымың этип жароокер көздөр тиктеп
Азыр мына ал үмүттөр акталып
Ар тарптуу иштеп жумуш аткарып
Татыктуу апа сүйүктүү жар бүлөөгө
Мактана алам окуучум деп жар салып.

## БУЛ ӨМҮР

Кызгалдактай кулпуруп
Гүлүн төгүп утуру
Өңү өчүп саргарып
Билинбей мезгил өтөрү
Кыялга такыр келбептир
Кылчайбастан бул өмүр
Кызматын өтөп бүтөрү.
Тулаң чөптөй желпинип
Нурданып турчууу ал мезгил

Алгыр куштай зымырап
Алыстап бизден кетери
Санага такыр келбептир
Бурулбастан бул өмүр
Мезгилин өтөп өтөөрү

Шаң эле
Күлкү эле жаштык кезим
Мезгил өтүп
Улгайунун кезиндемин
Кулпурган  жаштык кезим
Өтүп барат
Көз ирмемге
Туура тур деп өтүнсөң да
Кылчайып
Кайра келбес ал кездерим

Нурданып
Жанып турчуу жаштык кезим
Жыл өтүп
Карт оюнун кезиндемин

Жаштыгым
Нуру өчүп өтүп барат
Бурулуп
Бир саамга туура тур деп
Жалынсам да
Кайра келбес ал кездерим

Санаага
Алдырбачы акыл эсим
Коштошор
Жаштыгымдан ырас кезим
Кайрылып
Ал күндөрүм келбесе да
Бир жүргөн
Курбуларым эстейт деймин

Саат жылып

Убакыт өтүп барат
Шыкаалап
Тээ алыстан ажал карап
Антсе да
Санаркаба сезимдерим
Унутпас туугандарым
Унутпас синдилерим
Эстейт мени

Күгүмдөнүп
Күңгүрөнбө акыл эсим
Чачтарды
Бубак баскан кезиндемин
Мезгил жетип
Оо дүйнө салсам дагы
Жароокер уулдарым бар
Сүйүктүү кыздарым бар
Эстейт мени

## БАЛДАРЫМ ДЕП ЖАШАДЫМ

Жашоо өзү
Бийик ийри кыр экен
Ойрмасы көп
Таштак жолдуу бел экен
Жарым жолдо
Калып-калбай тырышып
Нечен күндү откөрдүм ээ ый менен

Тагдыр тагдыр
Нечен жолу сынадың
Майыштым да
Чорт үзүлүп сынбадым
Мөгдөп калбай
Үмүт менен мен жашап
Жарым мүнөт
Андан арта калбадым

Тагдыр тагдыр
Калчап мени чүкөдөй
Чик да болдум
Пөк да болдум
Ала салып
Жыгылбастан табалап
Тажабадым
Сени менен ойнодум

Оо жараткан
Суранамын сенден мен
Ал тагдырды
Кыздарыма балдарыма жазбагын.

Тагдырга
Наалат айтым нечен ирээт
Тумчугуп
Толкунуна кабылганда
Сынады жакшы эле мени карчап
Бирде
Түпкүргө уруп
Бирде
Бийиктике толкуну уруп таштап

Тагдыга мен
Таарындым нечен ирээт
Бүк түшүп
Нечен нечен жаштар кулап
Жээке чыгып калган

Балыка окшоп
Туйладым, аба жетпей мен алдастап

Тагдырга
Там бердим кээде туруп
Тузактайт сени
Эч жакка чыга алгыс
Адамдык
Арың күчтүү намыс күчтүү
Күгүмдөнгөн
Ириңе окшоп нур чача албай

Сени менен
Жашынмак ойнойт дайым
Бүт өмүрүң
Күрөштө аны менен
Алладан
Келген буйрук ал турбайбы
Пендеси эч качан өзгөртө албас

Сабырлуу бол
Өзүмдү өзүм токтотуп
Жеңилбегиң
Жеңил ойго алдырба
Мезгил өтөөр
Балдар бойго жеткенде
Эмне деген
Жоопту сен айтасың
Деп өзүмө
Суроо берип жооп таппай
Балам үчүн
Балдарым деп жашадым

Сабыр кылдым
Жеңилбестен мен жеңдим
Өтүп кетти
Өткүн өңдүү ал мезгил
Дарылады

Шыпаа болуп балдарым

Бакыт чачып
Өмүр улап неберем
Кубат болуп
Ширин таттуу кылыгы
Жашап келем
Күндө жаңы дем менен

Мен энемин
Балдарым деп жашадым
Алдым андан
Күч кубатты кайратты
Мен дүйнөгө
Жаралгандай кайрадан
Балдарымдын
Деми менен жашайымын

Өмүрүн бер
Ден соолугун чың кылып
Ушул менин
Чын алладан сураарым

## ЖАКЫН ЭЛЕМ АТАМА

Балалыгым
Ата-энемин эрмеги
Эркелешип
Өмүр, бакыт тиледи
Эркелигим
Тентектигим күч эле
Аткарчуумун ойдогуну тез эле
Маашырланып
Анан сайын ата-энем
Күйүп жанып
Мээрим төгүп турчу эле

Кыз болсом да
Жакын элем атама
Басса турса
Ээрчип кошо артында
Кандай жумуш жасабасын атакем
Көлөкөдөй
Мен турчумун жанында
Келбесе да жасап ийчүү колунан
Ойгонуп ички туюм жан дүйнөсү
Каныксын деген тура турмушка

Алга карай
Умтулуулар көп эле
Жетине албай, атам ага
Багыт берип турчу эле
Так аткаргын
Кандай жумуш болсо да
Сенин жүзүң сен жасаган ишиңде
Сүйлгөндө
Сага адамдар ынансын
Калп айтпагын
Эч убакта дечү эле

Калыптантып
Жакшы менен жаманга
Нак турмуштан
Берген тура тарбия
Ачуу таштуу, азап менен чындыкты
Ылгап, билип үйрөнүүгө жашымда
Багыт берип келечекке
Сынсын дептир
Эми ойлосом баарына
Ойку кайкы
Турмуш өзү көп кырлуу
Кабылдым мен бороонуна толкунга
Ошондо да
Атам берип багытты
Түз жолуна

Салып турду кайтара

Көзү өтсө да
Мага айткан сөздөрү
Өмүр бою
Кулагыма жаңырып
Анча мынча
Кыйшык бассам түзөтүп
Оңдолгун деп
Атам турат шыбырап
Оо атаке
Калтырбаймын уятка
Кайраттанам мен алга
Атам өңдү, мен дагы
Балдарыма, кыздарыма
Шык улап!!!

## КООЗ ЖЕР ДЕГЕН «КӨҢДҮК КАНА»

Карыялар айтчу эле биз жаш кезде
Мекен кылгын Башкы Көлдү
Аркар кулжа кайберен
Ак куу сүзүп көлдө ойноп чүрөгү
Кыргоолдордун болгон экен түнөгү

Колотунда жойлоп түлкү
Калтар жүрчү кылактап
Бадалында элик менен бабырган
Илбирс менен аюу болгон аралап
Түнт токойдон корккон адам басыштан
Жырткыч каман болгон ага кезиккен
Көптүгүнөн суу түбү эч көрүнбөй
Балык ойноп суктандырып секирген

Улар сайрап, бүркүт таңшып
Эч нерседен капарсыз
Түркүн чымчык уя салып

Күкүк тууп ал басып

Салпалактап үкү учуп
Кыраң сайын кекилик
Кушу учуп куушуруп
Айлаларын кетирип

Пактек учуп көгүчкөнү
Ала гүүсү үн салса
Зоо жаңырып кошул ташыл
Үн угулуп жаңырган

Токой болчу кайың талы аралаш
Чычырканак, долоносу
Кадам сайын дүпүйүп
Шамал турса шуудурап

Чийе менен карагаты
Алмачыгы, алмасы
Дарылыгы эң биринчи
Шагы ийилип, бөрү карагат

Бюрократ заманында
Көңүл бурбай бул байлыкка
Кайдыгерлик бекем сиңип
Бүт таланып жок болду
Токоюу да, кийиги да
Бүт тонолду
Мылтык деген балээ чыгып
Экинин бири мерген болду
Сумка –сумка эттер толо
Жогоркуга белек болду
Улар менен кекилиги
Улум улам тартуу болду

Аркар, Кулжа алыстады
Аюу, жолборс алыс качты
Түнөк кылган токоюу жок

Аткылашып каман желди

Адам деген мыкачыбы
Азыр кара
Жыгач койбой кыйышкан
Анча мынча калган кайың
Сатып аны отун кылган
Чекесинен жыгып салган

Ичиң тыз дейт арга барбы
Бөлүндүрбөй коргоп калаар
Күйүп бышаар адам барбы
Ээй туугандар ойлонгула
Ээн баштарды койдургула
Кооз жер деген Көңдүк кана
Келечегин ойлонгула!!!

**ДҮЙНӨГӨ БИЗ ГАНА ЖАРАЛГАНДАЙ**

Кулпуруп кызгалдактар жайнап бетте
Алоолоп кызыл жалын жел жүргөндө
Сеңселип ыргаалашып башын ийип
Куттуктап жаткан өңдүү сезилди эле

Каткырык кош жаңырык курбу кыздар
Кыял кеч фантазия биздин балдар
Ааламда жалгыз эле биз жаралып
Калгандай сезилиптир ал убакта

Өрүк зар күзгө айланды гүлүн төктү
Күмүш күз нечен жолу кышка айланды
Эскирбей ошол күндөр жүрөктөрдө
Жаш дале картайбастан жашап калды

Жалын жаш шаңдуу, курч ал мезгилди
Эч нерсе багындыра албаачудай сезилчү
Эч нерсе майтара албай
Дүйнөгө биз гана жаралгандай
Өттү күндөр өттү күндөр кубалашып
Ал мезгил кошо кетти кыраң ашып

## КӨҢҮЛҮМДҮ УЛАП КОЙ

Алла билет
Канча жашка чыгаарды
Картаярың
Айдан ачык чын анык
Акыл жетээр
Алың жетпей кейирсиң
Эмнеге эле
Кыйналат деп айтпастан
Балам анда
Сабыр менен угуп кой

Айлар өтүп
Артынан жылдар өтүп
Өтөт тура
Өмүрүң байкалбастан
Жашың өссө
Өмүр күнү кетилип
Алла билет канча жашка чыгаарды

Картаярың
Айдан ачык ал чындык
Койгонумду таппай калсам сыйпалап
Карылык деп
Укмаксанга салып кой

Бир сөзүмдү эки, үч жолу кайталап
Улгайганда
Мен калаармын сөз таппай
Канчалык сен
Кыжырланып турсаң да
Балам анда
Ичке катып сезимиңди
Көңүлүмдү улап кой

Кулак укпай
Жаш улгайган кезинде
Эмне дедиң?!!
Улам,улам сурасам
Кагып силкипкей небирелер
Кереги эмне сизге деп
Дулдуңдабай жумшак айтып
Көңүлүмдү улап кой

Каарылыкка жеткргенде кудайым
Уул келиним
Сыйлап турсун ылайым
Алдын ала
Айта албайым мындай деп
Бешенеге жазган агдыр турарын
Бир билгеним, карылыктан кармаганым
Колдоп түшсө калдырап
Каап ушуну
Деп айтпачы ылайым.
Шайдоот кыймыл
Не кылсаң да так жасап
Убакыт да сага таазим эткендей
Сезилчү эле

Жаш кезиңде сени арбап
Мына бүгүн
Муун жүүн кеткен шалдырап
Мурдагыдай эс тутум жок картайгам
Азыр эле айткан сөздү унутуп
Кайра кайра кайталасам ээ балам
Өөн көрбөстөн оңдоп кой.

Карылык бул
Бала кыял деп айтат
Тез таарынып
Тез жазыылып ар убак
Жумшак айтып
Жаш баладай аярлап
Алдап койсоң
Көңүл тынар ээ балам
Бул айтканды унутпай
Эсиңе сен түйүп кой

Мезгил өтөөр
Ай артынан жыл өтүп
Ошол мезгил
Сага келет темселеп
Сен карыңа кандай кылсаң мамиле
Сенин балаң так ошондой жооп берет
Сыйды көргүн
Кадыр баркка чөмүлгүн
Мен алладан суранамын жалынып
Ушул гана ой тилек

Мезгил өтөт
Убакытты шаштырып
Саат жылып
Күндү артка калтырып
Тең жарыша
Санаа күлүк удургуп
Баратабыз
Биз да кошо картайып

Убайым жеп Сезимдерин санааркап
Картайуунун кезиндебиз карасак
Сый урматтан айырбаса экен кудайым
Деп тилейим ар убак
Уул кызым сыйлап турса ар убак

## КООЗ ЖЕР «КӨҢДҮК» КОРГОЙЛУ

Карыялар айтчуу эле
Мекен кылган башкы көлдү,
Аркар кулжа кайберен.
Аккуу сүзүп,көлдө ойноп чүрөгү,
Кыргоолордун болгон экен түнөгү.

Колотунда жойлоп түлкү,
Каман жүрчү жер челип.
Бадалында элик менен бабырган,
Черлүү жерде аюу болгон арылдап.

Жолборс, илбирс болгон дешет,
Эчки, улактын канын соруп.
Ээн бастырып жүрүштөн,
Аял менен бала коркуп.
Жыш токойдо жырткыч каман,
Араласаң бытбылдык.
Пыр деп учуп чочутуп,

Суу үстүнө улам туйлап
Балыгы ойноп секирип.

Салпалактап үкү учуп,
Кыраң сайын кекилик.
Кушу учуп куушурулуп,
Айлаларын кетирип.

Токоюнда кайың-талы,
Чычырканак долоно.
Жыш өсүшкөн  карагат,
Чөбү белден аралаштан
Коркуп адам жылаандан.

Суктандырат чийе менен карагат,
Алмаачыгы алмасы
Бүлдүркөнү
Дарылыкка
Бассан бөрү карагат.

## КҮНДӨЛҮКТӨН

Арча жыты түтүнүнө мас болуп
Балалык кез баң сезим туптунук
Түндүгүнөн жылдыз санап боз үйдүн
Балалыгым бейиш тура кайрылгыс
Бааланбаган парктаЛбаган ал чындык

Жомок айтса апакебиз биз үчүн
Элес келчүү каарман менен жүргөндөй
Кээ учурда эрдигине суктансак
Аа кээ бирде коркуу сезим удургуп
Башым коюуп тизесине апамдын
Тыңшап жатып уктап калган тынчылык

Бейпил жашоо ызычуусуз кайгысыз
Балалык кез кайда калды билинбей
Кетти, кетти келбейсиң
Бааланбаган, парктабаган бейиш кез
Балалыгым бак шактуу
Тунук суулуу кыштакта

Көк шеберлүү таза абасы менен адамдарды суктанткан, өзүнүн көркү кооздугу. менен даңаза-ланган кичинекей кыштакта өттү. Ийри буйру аккан суусунда, суунун бетин бербей туйлаган балыгы түркүн, түркүн кубулжута сайраган булбул үнү ага кошул ташыл тарыгы бытбылдык саздын ар жеринде пыр деп учуп калчу. Аны кармап алчуудай чуркасаң бетке уруп адамдын боюу менен тең өскөн камыш шуудурап өзүнчө эле аркестир жаңырып жаткандай туюлчуу.

Бөлүп, бөлүп өрүп койгон кыздын чачындай кайың талдын бутактары салбырап долоно-карагаты сеңселип, айтып бүткүс керээмет эле. Ар бир колот сайын аккан мөлтүр кашка булагы шылдырап өзүнчө бир обон созуп жаткандай туюлчу. Анын жанында отуруп. Суудан кере жутсаң боюң сргип, булак үнүн тыңшап ракатка бөлөнгөн кандай сонун жана бакыт эле. Туш-туш жакка кайкып учкан кекиликтердин сайраганына зоолор кошо жаңырса музыка дүйнөсүнө сиңип,

кирип кеткен сыяктуу сезимдер келчүү. Жыңайлак бутка чөңөр киргенине карабастан аба менен жарыша жүгүрүп, ак чөлмөк ойноп куушуп жүгүргөн күндөр, балалыктын арамдыгы жок, тунук таза сулуу кереметти тура. Курсак ток, кийимиң бүтүн болсо эле ошого маашырланып ата-энеңдин мээримине чулганып, эч нерсеге ойлонбой, эч нерсени муктаждыгың жок кез. Көрсө кайталангыс бактылуулук кармап кала алгыс көз ирмемдер. Сени менен кош айтышып кетер мезгил келээрин сезбеген, туйбаган кез, алтын балалыгым!!!

1965 -66-жыл.

Азыр ойлосом балалыгым эркек мүнөз, өтө ыксыз эркелик, өзү билем өжөрлүк, менен өткөн экен. Менден мурунку балдары уда-уда чапчылып калгандыктан көзүмдү карап, өстүрүшүптүр ата-энем. Айрыкча атама өтө жакын элем. Кайда барбасын артынан калбай, мектепке, айылга ал тургай мал короого барса да ээрчип алчуумун. Атам ат шаймандарын даярдай баштаганда эле бара турган жолуна андан мурда мен жүгүрүп, ташка же талдарга жашынып акмалап жөнөчүмүн, алыстаганда артынан жүгүрүп жетпей калсам жаңыртып, өкүрүп бакырып ыйлаганга түшчүмүн. нечен жолу андай кылба, сууга агып же бөлөк коктуга адашып каласың десе да уккан кишидей тыңшап калып эле эртеси адат кайталанчуу. Атам ак көңүл ошону менен бирге айткандарын так аткарууну талап кылаар эле. Атам сагуш басылып, эл тынч турмушка кадам таштап калган кездеги биринчи интелигент, заман жарчысы тура. Ал кезде ооруп калса да, аялдар төрөтөн кыйналса да атамы чакырышар эле. Ат менен районго каттап, алыс-тыгына карабай радио сатып келип жаңылыктарды айылдагы аксакалдарга айтып турчу, үйгө чогулуп, Муса Баетовдун, Мыскалдын ырларын, Кара Молдого окшогон залкарлардын күүлөрүн угушчу. Биз балдар болсо ошол кездеги маданият ишмерлери, артистер жөнүндө алгачкы түшүнүктү алган экенбиз. Биздин балалык менен бирген суроолорубузду кагып силкбестен, согуштагы оор күндөрү жөнүндө кайта-кайта сурасак да жооп берип, согуш болбосун согушту акыркысы болуп биз гана көрүп

калган бололу, дайыма оюн, күлкү болуп курсагыңар ток болсун деп айтса, балалык боцо сезим менен таңыркап кана кызыгуу менен угуп тим болгон турбайбызбы, көрсө атам баланын көңүлүн таба билген түшүндүрө, абайлап айткан чыныгы педагог тура.

Алгылыктуу айткан сөзү ар дайым
Урмат сыйга татыктуу эле атакем
Бизди эмес бүтүн айылды эскертип
Үндөп турчуу жакшылыктын жарчысы
Эмгектенгин чын дилиңден качпагын
Билим алгын изденүүдөн талыкпа
Ыракатын аласың сен үзүрүнө жараша
Жаңылангын рухуңду толтургун
Тилегиң ак болсун сенин дайыма.

Ооба чынында эле адам баласынын аң сезими өзгөрбөсө, ыйманы таза болбосо, көөдөнү толо зиректик, чынчылдык сезим кошо жүрбөсө адамдык сапат калыптанбастыгы жөнүндө тынымсыз эскертип, баскан жолу, иштеген иши, сүйлөгөн сөзү менен да тарбиясын балдарга берип турган тура!!!

Баскан жолу демекчи артына тушуп алып ээрчип жөнөөр элем. Атамын арымына жараша аттай албай калсам, менин бутум жетпей калды деп ошол жерден чатак баштоочумун. Менин сабырыма карап атам майда арыштап келе жатып эле жолдо ылай же уйдун тезеги болсо андан буйтап чоң арыштачуу эле. Аны билбей ага акыл жетпей чыр чыгарчуу турбайынбы. Атам жердин да көзү болот абайлап көзүн карап баскын дечү. Анда көзүн мен көрбөй турам канакей ошол көзү, мага көргөз деп ыйлачуумун, ылайдын же суунун көзүн ойо басып сокур кылайын деп кайра-кайра тебелеп ордумдан жылбай койчумун. Таза жерди бассаң ошол көзү болот, ылайды же чалчыкты бассаң чачырап кийимиңди булгайт. Ошол булганган кийимин менен үйгө кирсең уй булганат, акылсыз жаман кыз экен деп көргөн эл айтат деп зерикпей түшүндүрүп, көз жашымды аарчып ээрчитип жөнөөчү. Атам жөнүндө эскерип, атам жөнүндө айта берүү

түгөнбөгөн жомоктой сезилет мага. Үй бүлөөгө камкор, бала-чакасына мээримдүү, ашыкча сөз айтпаган, айрыкча аял затын эне катары сыйлаган, кадырлаган адам экен.

Биздин жайлоо тик, тоо-таштуу, жолдору оюурма келет. Үй тиге турган жери да жантык болгондуктан, атам эрикпестен журтту казып, жада калса атам капталга бара турган жолго да таш тизип тегиздеп, апаңар басалбай жыгылып калат, силер да жолду бузбай баскыла деп эскертчүү. Ойноок балдар ага болчубу, жүгүрүп, тайып, жыгылып тизген ташын, чыгарып омкоруп таштасак, кыштоодон келгенде кайра оңдоочу. Өзү келгенге чейинки отунду кыркып, үй түбүнө жыйып, муну нан жапканда, а мунусуна сүт бышырат, оокат жасаганга деп бөлүп койчу. Өз жарына камкор, мээнеткеч, эмгекчил адам экен атам. Бизге дайыма апаңарды сыйлагыла, айткан сөзүн эки кылбагыла, кыйыктанбай тил алгыла. Эне тилеги, эне мээрими бала үчүн дайыма ак. Аны сезе билип, кадырлагыла деп айтып турчу. Анда мен атамын мойнуна асыла мага сиз эле болсоңуз болду деп кыткылыктачуумун. Себеби атам жокто апамын айтканын аткарбай көп тил укчуумун да атам келгенде айтам деп тура бергенде бир нерсе менен жаза бузу коюп ийчү. Анда мага кудай берип кичине үйгө кирип алып өкүрүп, бакырып ыйлай берип, чарчаганда дабыш чыкпай калса басылып, кобур-шыбыр чыкса кайрадан ыйлап, өзүмчө сүйлөп камалып алат элем. Атамын үнү угулганда бир жерим сынып же азыр эле жаным чыгып кетчүүдөй болуп ыйды кайра баштоочумун да алдынан чыкчуумун. Атам кызыма ким тийди? Эмне болуп кетти деп койсо кайра көбүрүп жабырып кошумчасы менен кошо айтып арызданчуумун. Апамды урган кишидей болуп какыс-кокус кылса катык эле урбайбы бир жерин канатпайбы деп бир чети канааттанбай, бир чети сүйүнүп алчуумун. Азыр ойлосом менин көңүлүмү улап эки алаканын апамын жаагына жакын алып барып шак койсо, бир мөөрөйгө жеткенсип жүрүпмүн. Атам көрсө үй бүлөөнүн ыйыктыгын сезе билген, эмгекчил, ар бир баласынын кыял жоругуна жараша мамале кылган тарбия таалими жугумдуу, алысты көрө билген, акылдуу жана чечкиндүү адам экен. Бир иш менен үйгө калган балдарга

жөн кетирбей колуна конфет, жок дегенде колуна нан берип чыгаргыла. Баланын көөнү бал, бала болсо да көөнүн оорутпагыла. Чоңдор келсе аны аргасыз сыйлайсыңар, бала сыйлаганды унутпагыла-деп турчу. Эмгекчил дегеним биз бала кезде бир гана биздин огороддо картошка, жүгөрү корообузда алма, өрүк болчу. Бышканда силерге берем, ага чейин казып же сындырбагыла деп койсо эле айылдагы жаш балдар жегилери келип турса да уурулукка кирбейт эле.

Качан мөмө-жемиш бышканда айылдын балдарын чакырып, келгиле кепсен алгыла дегенде кээлери калта челегин көтөрүп, кээлери шапкесин же этегин тосуп калчу. Мурунун суусун тарта албай таңыркап караган жаш балдарга боркокторуна ороп берсе сүйүнүп алып кетишчү. Көрсө согуштан кийинки жылдар болуп эми гана эл журт тынчыраак жашоого өтүп эл арасында окаат-аш, ун өпчап болуп турган кезде балдардын да саны эсептелүү болгон тура. Биз теңдүү балдардын саны сегиз тогузга да жетпептир, ошондуктан мектепке барганда биринчи экинчи класс бир класста эки жаат партада окуйт элек, бирине метеметикадан эсеп чыгартып койсо, экинчиси тамга үйрөнүп дегендей. Төрт жылдык деген мектепте онго жетпеген бала окуппуз, андан кийин башка айылга, башка элге барып окуу биз үчүн өтө эле оор болчу. Ошентсе да окууга болгон ынтызаарлык, окууга болгон кызыгуу бизде өтө күчтүү болуп бирибиз да окуудан качпай окудук. Бешинчи класстан сегизинчи класска чейин коңшу айылдагы «Ой-Тал» сегиз жылдык мектебинде. Тогузунчу классты андан да алыс атчан барганда жети сегиз сааттык жол жүрүп «Кайың-Талаа» он жылдык мектебинде, он биринчи классты райондун центринде «Кара-Кулжа» мектебинде бирөөнүн үйүндө жүрүп окусак да наалат албай ата-энебизге сөз тийгизбей окууга тырыштык.

Анда ыйман, адеп, боорукерлик деген бири-бирине жардамдашуу деген сезимдер күчтүү болгон экен. Ой-Талда окуп жүргөндө чогулуп алып алтынчы күнү үйдү көздөй жөө көрүнбөй жөнөчүбүз. Себеби мугалимдер угуп же көрүп калса сабак калтырасыңар деп жибербей кайра кайтарышчу. Бут какшаткан улуу агын сууну кечип чоңубуздун тизесинен, кичинебиздин жоон саныбызды жапкан суудан чоң кичик,

чоң кичине болуп кол кармашып өтүп, анан мугалимдер көрөт деп, колот менен жашынып, кокту түгөнгөнчө табылгыларга жашынып жүрүп белге чыгар элек. Бел дегеним эки айылды бөлүп турган кыраң эле. Кыраңга жеткенде чоң ишти бүтүргөнсүп сыймыктанып сүйүнүп, үйлөрдү көргөндө кыйкырып алаар элек. Анан айылды көздөй бирибизден бирибиз өтүп бут койчубуз. Биздин кыйкырыгыбызды уккан ата-энебиз Көңдүк суусунан (ал да улуу) ат менен кимиси болсо да мурун көргөнү өткөрүп алышчу.

Эртеси эле ар бирибиздин үйүбүздү кыдырып окуудан калтырбагыла деп бирден мугалим барып калчу. Биз көрүнбөй келдик дегенибиз менен көрүп же кээ бирөөлөрдөн угуп калаарына балалык акылыбыз жетпептир да.

Биз барганда алды менен тамак ашка тойгозуп анан эле апабыз жуунтуп тазалап анан жаткырчуу да эртеси эле аттуу жөөлү кылып минип барган улообузду алып келүүгө бирөөнү кошуп мугалимдин алдына салып берчү.

Тартип күчтүү, талап чоң ар бир адам өз милдетин сезе билген заман тура, ал мезгил. Ошол кезде бизди окуткан агайлар мектептин директору Мамашев Токтосун, Тибакунов Дабыт аялы София эжеке, Сабыр, Тавалдыев агайлар Усубалиева Жазипа, Ныязова Кундуз эжекелер бизге андай талаптарды койбосо, тартипти бекем кармабаса, ким билет кандай адам болоорубузду. Атчан каттаганда солкулдаган тоо менен зымга такта тизип чыккан көпүрө менен кышында суу өтө муздап калган учурда катталчу. Анда чоң адамдар аттарды жетелеп анан артынан балдар жөө өтүп бир топ эле кыйынчылык коркуу болгондуктан эки жумада бир үйүбүздөн бирөө келип алып кетчү, жөө каттабагыла тоңуп калсыңар, жолуңардан карышкыр чыгат деп кулагыбызга кумча куюп тургандыктан чыдамсыздык менен 2 жуманы күтчүбүз. Кыскасы, көп эле кыйынчылык менен окуган экенбиз.

Кара – Кулжада окуп жүргөндө жол алыс качан гана каникул болгондо үйгө бармай. Анда деле жек жааттын, тууган уруктун үйүндө жүрүп окудук. Жайында Кара-Таштын Көк-Көлүнө чейин машина каттап андан ары 7-8

саattык жол эле. Кышында болсо Чалмага чейин гана автобус каттоочу, кышкы каникулда балдар кыздар чогулуп алып саарлап биринчи автобус менен Чалмага келип анан жөө жөнөчүбүз, колубузда жолдо жей турган кургак азыгыбыз (коробкада печенье) болор эле, анда азыркыдай суу, кола деген кайсыл жакта. Аны жегенден кийин артынан кардан аймап алмайда. Кыздар кыйла жерге барганда үстүбүзгө кийген пальтобуз да оор келип тез эле чарчап аны балдар көтөрүп алып бизди алаксытып анобы урчукка чейин анобы көлөкөгө чейин, ии ии мына аз калды анан тынабыз, азаматтар деп жүрүп отурчубуз да. Көк-Көлдөгү кароолчунун үйүнө түнөп андада балдар үшүп калыпсыңар деп тынбай таң аткыча от жагып чыгышчу. Кыздар болсо бутубузду тарта албай жатып калар элек, эртеси эртелеп туруп үйүбүзгө жете келчүбүз.

Ошондогу балдардын ыймандуулугуна, ошон-догу балдардын адебине, боорукелигине, ынтымак-туулукту бекем кармаганына баа берип ар бир кыз ыраазычылык менен аларга баш ийип таазим кылууга акылуубуз. Болбосо алардын деле бизге окшогон оор кийимдери, жолдо жей турган азыктары бар. Ага карабастан, кыз-бала ыйык деп биздин жүгүбүздү, кошо көтөрүп, биздин карап ашыкча сөз сүйлөбөй аздектеп алып келип айылыбызга жеткиргенибизге сыймыктанам. «Көңдүк» чатына келгенде калган тамактарыбызды жеп жакшына жетип алгыла деп коштошуп эки жакка бөлүнчүбүз. биз тарапка - бир бала, үч кыз, үч бала эки кыз - «Ой-Талга» кетчү элек. Таабалды арык бала болсода уул балалык кылып бизге кайрат берип утуру чарчап калганыбыздын оор кийимин көтөрүп араң-араң дегенде Топ-Кайыңга чыкчубуз. Отун алган адамдарга жоолугуп чапан-дарыбызды артып же кетип жаткандардан үйүбүз-дөгүлөргө айттырып кийген бут кийимибиз малма-малма суу болуп көтөрө албай зорго үйгө жетчүбүз.

Ошол кыйын кырдаалга карабай, ошол кыйынчылыгыбыздын үзүрүн көрөйлүк деп бирге окугандарыбыздан көбүбүз жогорку билим алдык. Ар кимдин үйүндө окусак да кир коочун жууганча бала бакырасына

каралашканча сабак окуганча үлгүрүп кийин жогорку окуу жайга тапшырып, илим-билимдүү болууну гана эңсөөчүбүз.

Кандай кызык окуучулук күндөрүм
Кайгы эмне капачылык сезбеген
Оюн шоок
Күн өткөнү билинбей
Эмне болот эртенкибиз
Капарга да келбеген

Баары, баары
Өзү эле болчудай
Кыялданып өз оордуна койчудай
Телегейиң тегиз болуп жашооңда
Тоскоолу жок
Сезилчү эле бизге анда

Тагдыр, турмуш
Күткөндүгүн алдыда
Кайдан билдик
Кыял сезим тайкы да
Бороон болуп
Тагдыр сени учуруп
Буюктуруп
Кар көчкүгө ураарын
Кайдан билдик
Балалык кез биз анда

Сегизинчи классты алты бала, үч кыз бүттүк, эки балабыз Фрунзедеги медициналык училищанын стоматология факультетине, бир кыз эки балабыз Жалал-Абаддагы педагогикалык училищага тапшырып окуп калышты дегенде ичим ачышып мен деле окууга барат элем, калп эле жакшы көрөм деп айтыпсыңар деп ата-энеме таарынып үч күн тамак ичпей көмкөрөмөн түшүп ыйладым.

Көз алдыма алардын шаарда таптаза кийинип басканы, көпчүлүк менен чоң залда агай эжелердин айтканын угуп лекция жазганы элестеп арманым аттын башындай эле. Атам

ал окууну бүтсөң, дагы окууга туура келет мына мен карыганда окуп жатпайымбы?

Сен чоң окуу жайына тапшырасың деп атып зорго жоошуткан эле окуу жылы башталганда районубуздун борбору болгон Советке келип Кара-Кулжа орто мектебинде окуп калдым.

Эсимде!!! Биз онунчу, 11-класстарда окуп турган мезгилде кыздарга кат келе баштады.

Кээ бирде катты чогуу окуп анан тытып салабыз. А кээ бир кыздар сыр бербей тымпыйышып өздөрүнчө сыр бербей, пейил күтүп чоюлушат. Класста үч кыз Роза, Шарийпа мен кат келсе бүт класска жарыялап, кат келди, почта келди жаңылык менен таанышкыла деп ал катты булгалап кыйкырып чуу салабыз да бизди көздөй жабылган балдарга кана алчы, алсаң эле сенин катың агайларга айтабыз деп кайра өжөрлөнөбүз да каткырык менен бирге эле ошол жерден өрттөп салабыз. Балдар дең дароо болуп талаша албай калышат, себеби кат жазган бала катка аты жөнүн толук жазбайт эле да кат ээси ичтен сызып кала берет эле. Үчөөбүз тең класс активи кенже класска отряд вожатый, кыздар советине мүчө элек. Ошого эле бир районго же бир мектепке башчы кылып дайындагандай эрдемсип жүрүппүз.

Каттар, каттар! Ал каттарда сүйүп-күйгөн жалындаган махабат сөздөр бар эле. Кээ биринде сынамакка таанышып албайлыбы деген улуу-кичүү муундун каттары эле. Ал каттарга маани бербей өзүбүзчө шылдыңдап, бул дүйнөгө биз гана жаралгандай эси дартыбыз жогорку окуу жайына тапшырып ага өтүп кетсек деген гана ой-тилек эле. Анын үстүнө ал мезгил согуштан кийин өнүгүп өсүү мезгили болуп заман ошого түрткөн тура. Окуткан агай эжекелерибиз да дайыма патриоттук мекен-чилдик сезимибизди ойготуп, көп окуп көптү билген адам гана чыныгы адамдык сапатын сактап кала алат. Ошол даражага жеткиле. Эл үчүн эмгектенгиле деп бассак турсак ар бир саатында да эскертип айтып турушчу. Бизге сабак берген агайлар Ниязов, Исмаилов, Карим агайлар, эжекелер Нарзиякан, Адашкан эже агайларыбыздын баскан турганы, сүйлөгөн сөздөрү суктантып өзүнчө эле биз үчүн тарбия эле. Ошол агай-

эжекелердей билимдүү болуп окусак деп күндө тилек кылчубуз. Айрыкча химия сабагынан берген Нарзиякан эженин баскан турган, сүйлөгөн сөздөрүн туурап ошонун таасирине көп берилет элек. Эки көзү балбылдап кырдаачынан келген мурду, койулуп капкара болуп төгүлгөн каш кирпиги, ак маралдай керилген боюна, окуучуларды өзүнө тарта билгенине суктанчубуз. Бизди да шашылбагыла, эртедир кечтир турмуш куруу мезгили келет, силер биринчи окууга билимди терең өздөштүрүп калууга аракет кылып өз абийириңерди, ыйманыңарды таза сактагыла деп класстык саатта кулагыбызга кумча куюп айтып тураар эле.

1965-66-жылдары 2 класс 11 менен 10-класстар 1 жылда бүттүк. барып эле жогорку окуу жайына кирип калчудай сезимдер сүйүнүчүбүз коюнубузга батпай бири-бирибизге кучакташып, өбүшүп, ал аз келгенсип ыйлап жатып коштоштук. Көптөн күткөн күн да келип жогорку окуу жайынын математика факуль-тетине тапшырып калдым, себеби кыргыз тил адабият, биология, тарых факультетинде бир орунга 3, 4 бала туура келип, бул факультетке бала азырак болгондуктан. Бирок эки экзаменден 3 алгандан кийин эле 3 алгандарга конкурс болот деп атам алып кетип калды. Кийин көпчүлүгү да кетип калып үч алгандар да баланын саны аз болуп окууга өтүп кеткенин уккандагы ызаа болгонду көр. Биз сабыр кылып турбай эле жөнөп бериппиз. Бир жыл өзүмдөн өзүм чүнчүп, баягы дардактаган эркелик жок ар түрдү ойго чөгүп кийинки жылкы окуу жылын күтүп отуруп калдым. Мына ошол мезгилден баштап кызык кез башталды. Күндө жуучу күндө ый, мени менен теңи да, менден улуусу да бар эле, менин эси дартым окуу, күн өтпөйт. Ошондо гана өзүмдүн кыз бала экенимди сездим, ошондо гана кыз болуп төрөлгөнүмө наараазы боло баштадым. Кайда баягы эркелик? Кайда ата-энемди өзүм багам деген кыялдар. Баары сапырылды да учуп кетти. Ушундай көрүнүштөрдөн кийин эле бечара болуп, мурдагыдай батына албай кыз бала өзүнөн өзү четтейт экен. Өзүнөн өзү чүнчүп, ойлуу бир сырлуу болуп оюндагысын ачык айта албай калат тура.

Балалыгым өтүптүр көз ирмемде

Билинбестен убакыттын өткөнү
Мезгил камчы
Шаштырып сени алга
Бой жетипмин
Өзүмө да байкалбай
Кор турбайбы
Ойлоп көрсөн кыз бала
Айта албадым, өз оюмду
Чечкиндүүлүк кыла албай

Дегиңкиси кыз бала бой тарткан сайын сүткө түшкөн коңуздай болуп үй бүлөөдөн четке сүрүлүп калуусу кандай гана оор кандай гана азап. Көзүңдү ачып биринчи көргөн ата энеңден, киндик кан тамган жериңден бөлүнүү, бөлөк элге барып ал жердин шартына көнүү толгон токой тозоктор ар бир кыздын башында тура.

Кечээ эле
Так секирип эркелеп
Асылчумун атакемдин мойнуна
Мындан башка бактылуулук жок эле
Кайдан келген
Кайдан чыккан боздотуп
Кыз балага
Нике деген жат дүйнө

Жан дүйнөм
Сыздап турат жаралуу
Кыз баламын чын эле
Ата энеми
Өзүм багам дегеним
Кур кыялдар
Жалгандыгын сездим ээ

Бөлөк үйгө
Тийип сени жарыгың
Бөлөктү сен
Бактылуу кыласың

Келгин куштай
Уя салып ал жерге
Кыз бала аай
Күн карама сыяктуу
Башыңды ийип
Ошол жерде каласың

Чынында эле мезгил өзү эле сени жан талашып канчалык моюн бербей күрөшсөң да бой тарткан сайын өзүнөн өзү эле токтоо кылып сый болууга түртөт тура. Менда мурдагыдай эдиреңдебей, тарты-нып бир нерсеге сарасап салып токтоло түшкөндөй болдум тартынып. Ооба кыз жалпысынан философия-лык ой деңгээл менен алганда ал ыйык, ал назик, ал болочок эне. Кыз бала көз каранды, кыз болсо кор турбайбы. Бирок барган жери аны бапестеп багып үй-бүлөсү кайын ата, кайын энеси алган жары ар тараптан колдоп турса ошол жерден гүл сыяктуу жыты аңкып өзүнчө бир коодзукта көргөндүн көз жоосун алып таң калтыраар. Ал эми кайын журту колдогон менен, алган жары төп келбесе арсар жашоо. Толук ачылып гүлдөй албай же өз алдынча намыс деп басып кете албай көр болуп соолуп чирип калаар. Кыз бала көз каранды дегеним өзүнүн туулуп өскөн жерине каймана, бир келип кеткен мейман. Барган жерине, айлана чөйрөсүнө көз каранды, ийилчээк, ийкемдүү жан. Кайсы жерге келин болуп түшпөсүн, тоолубу, чөлбү, ызы-чуулу шаарбы. Ошол жердин каада салтына үрп адатына тез эле баш ийип тез эле көнөт, бирме бир болуп сиңип кетет кыз бала кор дегеним, таш түшкөн жеринде оор деп өзүнө канчалык оорчулук келсе да канчалык кыйналса да баарына кайыл болуп, ата-энесин уятка катырбайын деп жаап жашырып кыйынчылыктарын, азап тозогун балам деп, баласы үчүн жашап, сабырдуулуук, көтөрүмдүүлүк менен чыдап жеңет. Энелик мээримин энелик боорукерлигин сактап калат. Бөлөк элдин тукумун улайт, урпактарын көбөйтөт.

Айтчу элем
Акыл тайкы
Мен эч жакка кетпеймин
Жөлөк болом ата энеме
Мен багамын дечүүмүн
Бардык ишти колго алам
Чоңойсом деп жүрчүмүн
Эркелетсе эне атам
Эр ойлопмун өзүмдү
Чоңойдум мен бойго жеттим
Өз үйүмө мурдагыдай
Батпай калуу сезилди
Орду бөлөк кыз баланын
Жат адамдын бүлөсү
Мөндүр-мөндүр
Көздөн жаштар төгүлдү

Ата эненин мээримине чулганып
Бейпил жашоо кыска белең өмүрүң
Мезгил аны кыян болуп агызып
Алып кетти кай тарапка жашырып

Бир уяда жуурулушуп бирге өскөн
Туугандарды көрбөй калсаң сагынчуу
Сезимдер жок унутасын бир паста
Нике деген мезгил сага жеткенде
Алла таала жүрөгүңө сууну сээп.

Жазда болду. Биринчи заочный окууга экзамен-дер башталды. Андан калсам эле окубай калчудай кийинки айдагы очный боло турган окууга күтпөй, документтерди Тарых факультетине тапшырып эки 5, бир 4 алып окууга өтүп калдым, үмүтүм өтө чоң эле, 1 жылдан кийин очныйга которулам деп ойлодум да мектепке орношуп калдым.

Мына ошентип биринчи эмгек жолума да, биринчи турмушум да ушинетип башталды.

Бекеринен айтпаптыр кыз кыроо деп

Намыска жарабайсың бул чындык кеп
Кыз төрөлсө айи мейли эми деп айтышат
Себеби сен кетесиң конуш издеп
Конушуң жайлуу болсо сенин багың
Ыраазы ата-энең кыз тынды деп
1967-1968 жыл.

Жашоо күрөш
Жашоо эмгек
Жашоо жыргал
Жашоо арман
Жашаганың тирүүлүктө
Тунук таза ар качан
Изиң калса эмгегиңден
Сен жасаган ишиңден
Алектенбе эч убакта
Алың жетпес иш менен

Чынында эле бул жашоо сага ырахат тартууласа бирде буйуктурган бороон-чапкындуу тирүүлүктүн түйшүгү түгөнгүчө жашоо мезгил бири-бири менен тынымсыз күрөшүп турат тура, маңдайыңа Алла Таала кандай күндү жазса сен андан качып кутула албайт экенсиң.

Бирок антейин десең сенин аракетиңе, сенин таштаган кадамыңа жараша жашоо уланат. Ооба, балалыкта кээ бир сонун кыялдарга чөмүлүп бирде ак халатчан врач болуп, онтоткон ооруу менен карма-шып жаткан адамдарга күнү-түнү дебей жардам бергим келип кайра эле адамдардын жете албаган арыз муңун кагаз бетине түшүргөн журналист болом дечүмүн. Балалык калыптанбаган туруксуз кыялдарга алдырып кайра эле эч нерседен капары жок бөйтөңдөгөн бөбөктөргө тарбия таалим көрсөткөн мугалим болууну эңсечүмүн. Атам да мугалим болуп кичине балдар менен аралашып атам менен кошо жүргөндүктөнбү бул кесип мени көбүрөөк тартып ушул кесиптин ээси болуп калдым.

Таза мектеп
Таза аруу бөбөктөр

Ак фартугу, ак бантиги жарашып
Көңүлүндө эч бир кыпын кири жок
Тунук сезим алга умтулуу карачы
Булгабастан ошол тунук сезимди
Көмөгүмдү көрсөткөнгө
Бел байладым мен дагы

Балдар менен аралашып алардын суроо жообуна жооп берип келечекке болгон үмүт тилегине көмөк көрсөтүп аларга сиңип кетүү кандай гана рахат жана оор.

1967-жыл 1- сентябрь

Мен үчүн мектептин босогосун аттап кирүү сүрлүү жана кубануу коштоп өзүмчө толкунданып апкарып сени карап турган улуу-кичүү муундун көздөрүнөн тарткынчыктап уялуу да сыймыктануу да болду. Ошону менен бирге өтө чоң жоопкерчилик мени күтүп жаткандай туйулду. Ошол жалжылдаган көздөр менен тил табышып, аралашып кетүү коркунучу турган эле. Кесиптештер алардын мага жасаган жылуу мамилеси, адамгерчилиги, кечире билүүсү ишеничи гана бул абалдан чыгарганы, күнү күнкүдөй көз алдымда. Сен да так ошондой жоопту берип чечкиндүү кадамың гана сени коркуу абалыңан чыгараарын туйдум. Сени эң биринчи таштаган эмгек жолуң түз, сабырдуу ийкемдүү болсоң гана ишеничке ээ болууга милдеттендиргендей сезим коштоп турду.

Ак караны таанытып
Акыл менен
Кесиптештер жол көрсөткөн насаатчым
Унутпаймын эч убакта
Эмгек жолдун
Силерсиңер башааты

Чындыгында эле күндөлүк планды кандай түзүү, окуучуларга кандай мамиледе болуу ушуга окшогон майда көрүнгөнү менен эң жоопту нерселер жөнүндө кеңешин айтып өздөрүнүн педагогикалык чебер-чилиги менен үлгү көрсөткөн жана үйрөткөн. Ошол кездеги мектептин завучу

Токоёв Ысабек агайга мектеп директору Балиева Батма эжекеге чоң-чоң ыраазычылык билдирмекмин. Менин мугалим болуп калыптанышыма көмөк көрсөтүп өз чеберчилигин-деги педагогикалык тажрыйбасы кеңеши менен үлгү болгон Усубалиева Жазийпа, Ниязова Кундуз эжелердин үлүшү чоң.

Ар түрдүү мүнөздөгү балдар бири катуу айтып какыс кукус кылсаң угат. А бирөөлөрү мактаганды жакшы көрөт. Ошолорго жараша мамиле кылуу бир күндө 3-4 мүнөз күтүп өзгөрүүгө туура келет. Сенин турган жүрүшүң, сүйлөгөн сөзүң кыймыл аракетиң кичинесинен чоңуна чейин балдардын көз алдында. Сен ошого татыктуу болсоң балдар сени угат, сени сыйлайт баалайт.

Мугалим тарбиячы тарбияланган
Татыктуу болгунуң сен даяр турган
Көрө бил окуучунун мүнөздөрүн
Чыдамкайлык өтө керек аяр карап
Жазымыш кетирбегин кылдай ага
Күзгү бол окуучуга карап турган
1968-жыл, октябрь.

1950-1960 жылдары кадрдын жетишсиздигинен көпчүлүк мугалимдер жогорку окуу жайын бүтүп келген түндүктүн кадрлары болуптур. Ошол кездеги тартип, саясат өтө чоң рол ойногон тура, кайда кадр жетишпесе ошол жака бөлүп, элдин маданиятын, билимин көтөрүп чоң-чоң ийгиликтер жаралган, ошолордон кийинки жергиликтүү кадрлар биз болуп калдык. Кэчэ эле бир партада отуруп, балалык күндөрдү бирге өткөргөн классташтардын, бир мектепте бирге иштеп калышы, сени шердентип, өз ара атандашуучулукту жаратып турганы кызык эле. Бирибизден бирибиз калбай бири-бирибизге шык берип, жаңы күч кубат менен тынымсыз изденээр элек. Жоопкерчилик менен эмгектендик. Себеби мугалим- ар бир үйдүн үмүтү, мугалим– ар бир адамдын жан дүйнөсү, мугалим–ар бир адамдын келечекке болгон үмүтүн ойготот, мугалим – жашоого жакшы менен жаманды талдай билүүгө багыт берет. Мугалим–

мекенди сүйүүгө, ак эмгек кылууга чакыр-ган жарчы. Мугалим-ата-эненин ишенимдүү жардам-чысы. Ушул нерселердин баары сенде болгондо гана элдин, окуучулардын үмүтүн актай аласың!

Мезгил, мезгил
Зымырык куш сыяктуу
Токтобостон шашылып сызат алга
Сенин нуруң, сенин өткүр жаштыгың
Кошо кетет
Аны менен ашыгып
Сен да шашыл
Жакшылыкка сарптагын
Өмүрүңдү өткөрбөгүн
Жок нерсеге сарп кылып.

Окуучулук кезде сабагынан 3 алып калса, журналга койдурбай агайлардын колун кармай калчу классташым Кийизбаев Куштарбектин мектеп дирек-тору болуп калышы, бизди ого бетер жоопкер-чиликтүү болууга түрткү болду. Бири-бирибизди уят кылбайлы, жоопкерчиликти сезе билели деп өз ара шык берип, билбей калган, түшүнбөгөн нерселерди тартынбай сурап, пикир алышып атандашуу менен күндө жаңы нерселерди үйрөнүүгө умтулат элек. Келечектен көптү үмүттөндүргөн жаш изденүү менен иштеген бул курбубузду Алла Таала арабыздан алып кеткени ичти ачыштырып, бирге эмгектенген бешөөбүзгө чоң кайгы алып келди. Анын кылык жооругун кайра-кайра эскерип айта берип жоготуу оор экенин жүрөгүбүз менен сезип, теңтуштук бири-бирибизге болгон мамилебиз да бекемдеди. Тирүүлүктө убакытты уттурбай эмгек кылуу, бири-бирибизди сыйлоо эмне экенин түшүнгөндөй болдук.

Тыкан эле ишине чыгаан эле
Ажал деген жаш кааарыны ылгайбы ээ
Балдар калды ымыркай көзү ачылбай
Ыйлап жары
Жашоодон үмүт үзүп
Аргасыздан

Жаш балдарын кыя албай
Таш боорсуң ажал таш боорсуң
Дабасы жок бул өлүмдүн неге

Чырпыгың чынар терек болоор
Балдарың эр жетер адам болоор
Атанын орду жок
Боштук болуп
Арман болуп
Өмүр боюу
Жүрөгүң тепчип өтөр.

Ообо, бир кем дүйнө деген ошол турбайбы. Жашоо эч качан токтолбойт экен кайра эле адам баласы жашоо үчүн күрөшүп, жашоо үчүн үмүтүн үзбөйт тура.

Ажалың жетип сен кетсең
Байлыгың ээрчип бара албас
Мансабың тоскоол кыла албас
Артыңда калса жакшы эмгек
Айтышаар элиң бали деп
Атың өчпөй кошо жашап  эл менен

Бул жашоонун айланпасы турбайбы
Табигаттын закону экен өзгөрбөс
Пенде деген алсыз Алла алдында
Айлаң барбы эмнең калды көтөрбөс?!

Тагдырдын таштак жолунда мүдүрүлбөй, кыйынчылыктарга майышпай, абийириңди сактап жашоо бул адамдын жогорку сапаты экенин сезе билип, миң батман азаптан  бир батман кубаныч таап жашоо бул бакыт деп сезем, күнү-түнү дебей жаш жеткинчектерге кандай жолдор менен илим –билим бере алам, кандай кылсам ал алгылыктуу болот деп тынымсыз изденип, эси дартың бир гана окуучулар менен болуп жүрүп чынында өз балдарыма алган жарыма азыр ойлосом аз көңүл бурупмун. Бирок ошол кездеги эмгектин акыбети жаман болбогонуна сыймыктанам. Биз окуткан балдар ар кесиптин ээси, көпчүлүгү өзүбүз менен

кошо иштеп калды, мугалим мөмөлүү дарак деп бекеринен айтылбаганы өз жашообузда көрүндү. Кайда жүрбөсүн, кайда иштебесин алардын ийгиликтерин укканда сүйүнөбүз жана сыймыктанабыз мугалимдер!!!

## КЫЗ БАЛАНЫ УЗАТУУ БАТАСЫ

Бактылуу жар бол
Бакытка бөлөнгөн
Балдарга апа бол
Кайын журтка дем берген
Казаның мелт-калт болуп
Ырыс кешик бөксөрбөсүн

Отуң өчпөй бийик күйсүн
Жашооңор илгерилесин
Кут түшүп түндүгүңдөн
Мээрим уялап төгүлсүн

Сени менен
Жакшылык кошо кирсин
Уяласын ырыскы түгөнбөгөн
Бакыт кушу
Түнөк тапсын үйүңөрдөн

Тууруң бекем болсун
Ынтымактын түркүгү бекемделген
Кары үйүңдүн куту болсун
Сыйлап өт
Кайрат күч кайткан кезде
Кайтарымын аласың сен
Өз балаңдан

Ыймандуу келин болуп
Алкыш ал
Эми сенин түбөлүктүү
Үйүң ал жер
Ата энең
Кайын ата кайын энең

Эми кызым
Кайманасың өз үйүңө
Сый болосуң өз элиңе
Сыймыгы бол алардын
Наалат албай
Кайын журтка
Сиңип кет жуурулуп
Данакер болгун
Эки жака тең сыйлуу болуп

Ата энең эшик пакта эшигин
Пакта эшикти басып өт
Кайын журт эшик такта эшик
Такта эшикти тайып өт

Артылып камчы салдырба
Атаңа наалат алдырба
Эңилип камчы алдырба
Энеңе наалат алдырба

Алтындан бешик ыргап өт
Алганың менен жыргап өт.
Күмүштөн бешик ыргап өт
Күйөөң менен жыргап өт.
Ырыскы толсун үйүңө
Ыр болсун кызым үйүңдө
Сый болсун дайым күнүгө

Күлкү болсун үйүңдө
Ыйманды сакта унутпа
Кайын журтка каар төкпө
Кызым аны унутпа
Береке болсун колуңда
Жылуу жумшак түнөк бол
Эч качан кызым унутпа.

## УУЛ БАЛАГА БАТА

Ак калпак башыңан түшпөсүн
Ак жоолук жаныңан кетпесин.
Узуун болуп өмүрүңөр
Жамандык силерге жетпесин

Өрүшүңөр кең болсун.
Корооңорго мал толсун.
Жайытыңар кең болсун
Үйүңөр толо бала болсун

Жакканыңар арча болсун
Жамынганыңар парча болсун
Пайгамбардын жашын берсин
Багыңар пактадай созулсун
Бак-таалай үйүңөргө орносун

Жаман көздөн сактасын
Заар тилдер эч каппасын
Ырыскыңар кенен болуп
Ыкыбалыңар жогору болсун
Арчанын жашын берсин

Агын суудай таза
Түгөнбөс жашоо берсин
Айткандар кабыл болсун
Алла Таалам колдосун
Оомийин!

## КАЙЫН ЭНЕГЕ ЖЕ КҮЙӨӨ БАЛАГА АЙТЫЛГАН КОШОК

Алтындан чачпак тагып ал
Ай чырайлуу кыз бердик.
Ардактап сүйүп багып ал
Күмүштөн чачпак тагып ал
Күн чырайлуу кыз бердик
Жүдөтпөй сүйүп багып ал.

Барган жери жарашса
Кара кыз болот ак дешет
Кадырлап сүйүп таппасаң
Кайраттуу болоор анык кеп

Алган жары жарашса
Келин болоор суйкалган
Кол көтөрбө сурапал
Жалтак кылбай багып ал
Гүл болоор анда аңкыган.

## КОШОКТОР

Алыста жүрүп биз келсек
Жолду тосуп чыгуучу
Атакем үйдө жок тура
Сайрап турган багында
Чымчыктар да көңүлсүз

Узак жолдон биз келсек
Утурлап бизди чыгуучу
Томсооруп турат үйүңүн
Кунарсыз ата сиз жоксуз.

Атакем көзү барында
Чайнаганым май эле
Чайкаганым чай эле.
Баары майрам көрүнчү

Жашоом өзү жай эле.

Атакем көзү өткөн соң
Каткырып күлгөн күн кайда
Чайкап иччүү чай кайда

Тобурчак аттын кашкасы
Тооруп келген ажалга
Арт жагында балдары
Тоскоолдук же жыла албай
Атаңга жандын башкасы
Аргымак аттын кашкасы
Артындагы тууганы
Аңдып келген ажалга
Аралжы же кыла албай
Аттиңга жандын башкасы

Тирүү эле тургандай
Атамын тартыла түшөт элеси
Ойлосом атам үйдө жок
Кара жердин алдында
Кагыраган сөөк болуп
Калабы эми денеси.

Эшикте басып жүргөндөй
Атамын тартыла түшөт элеси.
Атакем эми үйдө жок
Бозоргон жердин алдында
Шагыраган сөөк болуп
Калабы эми денеси.

Карарган жердин алдына
Какшасам үнүм жетпеди.
Кайгырдың мынча балам деп
Атакем доош этпеди.
Бозоргон жердин алдына
Боздосом үнүм жетпеди.
Боздодуң эмне мынча деп
Атакем доош этпеди.

Бозоргон талаа кумайга
Чырпычык сайсам өнөбү
Адеми жүрчүү жаныды
Эми боз топурак көмөбү.

Кубарган талаа кумайга
Чырпычык сайсам өнөбү.
Пакиза жүрчү денеңди
Көр топурак көмөбү.

Ойдон жылаан октолоор
Сагынып биз келгенде
Атакем бизге жоктолоор
Кырдан жылаан окшолоор
Алыстан биз келгенде
Кыялы бизге жоктолоор

Ат арытып биз келсек
Алдыдан тосуп чыгаарга
Ага иним бар болсун
Алдыга коюп баарысын
Ардактап бизди турса да
Атамдай кайдан ал болсун.

Сагынганда биз келсек
Жолумду тосуп чыгаарга
Эже-сиңдим бар болсун
Тасторкон жайып алдыга
Эзилишип турса да
Энедей кайдан ал болсун.

## ТУУГАНДАРГА КОШОК

Мейли эле эми дегендей
Мөгдөп калган кары эмес.
Элүүдөн зорго ашты эле
Ыйлабай койчу жан эмес.

Унутуп эле калгыдай
Улгайып калган кары эмес.
Эр ортону элүү эле
Муңканбай койчу жан эмес

Тоодо беле мазарың
Чоң жолдо беле ажалың
Талаада беле мазарың
Кан жолдо беле ажалың

Каадага кийчүү тонуңдун
Капталынан сөгүлдү
Ажалың менен куруп кал
Кан жолго каның төгүлдү

Сыпаага кийчүү тонуңдун
Тигишинен сөгүлдү
Өлүмүң менен куруп кал
Чоң жолго каның төгүлдү

Саарлап турсаң шамал жок
Санаада турат айла жок
Эртелеп турсам шамал жок
Эсимде турат айла жок.

**Аялга айтылуучу кошок**

Кажары согуп Түр кылган
Кармаган үйүн гүл кылган.
Килемин согуп түр кылган
Кирген үйүн гүл кылган.

Төргө килем таштаган
Төрөдөй уул баштаган
Капталга килем таштаган
Каадалуу келин баштаган

Оюудан курак кураган
Сол колуна кайчы алган.
Карадан курак кураган
Жасаганы кимдин деп
Көргөн пенде сураган

Улардын этин кактаган
Уулдарын эрке сактаган
Кекилик этин кактаган
Кыздарын эрке сактаган.

## ЭРКИ МЕНЕН УЯТ БОЛСО ДИЛИНДЕ

Эмне кылдым
Бул жашоодо татыктуу
Суроо менен
Арт жагыма кайрылам
Эмгек жолум
жөпжөнөкөй
Атак даңксыз мугалим
Бөбөктөрдү
Алга карай чакырган.

Эрки күчтүү
Уят болсо дилинде
Кара мүртөз
Дүнүйөгө умтулбай
Ата журт деп
Согуп турса жүрөгү
Эмгек кылдым
Азыраак деп түшүнөм

Ыйман болуп
Кызмат кылса элине
Ак эмгектен
Баар тапса тер төгүп

Салым кошкон
Болом анда мен дагы
Текке кетпей
Айткан сөздөр сиңген тура дилине

## МЕЗГИЛ

Гүл элек
Бажырайып көз уялткан
Көргөн адам
Кыя өтпөй карап калган
Убакыт
Өтөйт тура өз мезгилин
Жаз айы
Күзгө ай айланган бубак баскан.

Жарк этип
Тийип турган күн элек биз
Мээрим чачып
Нуру менен жылыткан
Мезгил сага
Баш ийбестен алга жылып
Ал убак
Бороону жок кышка айланган

Күз сымал
Мөмө төгүп бышып турган
Көл элек
Чаалыкканда эс алдырган
Карачы
Мезгил сага баш ийбестен
Агымы жок
Булак сымал соолуп калган

Жаратылыш
Жашоо өзү бүтүн экен
дүйнөнүн

түбүнө кимдер жеткен
байкатпай
сурабай кеңеш сенден
куюн сымал
шыпырып алып кеткен.

## ТИРҮҮЛҮКТӨН СЕН УТКАН

Күч кубат
Дем берет бала жыты
Сергийсиң
Жыттасаң айтчы чынбы
Бал тилдүү
Кылыгы сени арбап
Баардыгын
Унутасың сен жаңысын
Канчалык
Кыйын кырдаал болсо дагы
Сен жыттасаң
Күүп салат кыпын калбайт

Роза, Астра, жоогазын жыты
Теӊ келбейт
Башкача бала жыты
Устасын
Карачы жараткандын
Балага
Башкача касиет берген

Анчалык ширин таттуу болбогондо
Түйшүгүнө
Эч ким чыдап бакмак эмес

Бала сенин
Боор этиңден жаралыптыр
Ага сенин
Каныӊ сиңип ажырагыс

Бир бүтүндүк аалам сыры
Балаң сенин
Өз каныңдан жаралган
Эт жүрөгүң
Жипсиз ага байланган
Балаң сага
Бакыт жашоо сен үчүн
Жарп жазаарын
Кайгы-муңдун баарын сүрүп чыгарган

Балаң сенин
Сүйгүнчүгүң туу тутаар
Тукум улаар
Өчүрбөстөн атыңды
Бала сага
Сыймык сага бир келген
Ишеничиң
Тирүүлүктөн сен уткан

## МАЗМУНУ


Эгерде суу болбосо…………………………………………… 3
Тирүү Алыкул (Алыкул Осмоновдун 100 жылдыгына карата)…………………………………………………… 6
Саяпкериң балаң болсо................................................... 7
Бакен эже *(Бакен Кыдыкеванын элесине)*…………………..... 10
Кечир мени кечиксем……………………………………….. 12
Азгырылба суранам......................................................... 16
Атакем............................................................................... 19
Курбулар……………………………………………………. 21
Эгиздерим *(Аликан, Албинама)*…………………………..... 23
Кыз бала деп унутуп калбасаңар……………………………. 24
Бактылуу ата-энебиз………………………………………… 25
Азгырык арак абайла……………………………………….. 26
Неберелер…………………………………………………… 31
Калыстыкты унутпа………………………………………… 33
Мен кыргызмын…………………………………………….. 34
Күтүү.................................................................................... 34
Үч кыл комуз……………………………………………….. 36
Келиним Гулнурга ………………………………………….. 38
Ырым менин………………………………………………… 38
Абылбегим………………………………………………….. 39
Сыйлашып биз өтөлү...................................................... 43
Суранамын…………………………………………………. 44
Балама………………………………………………………. 45
Конок экен кыз бала……………………………………….. 48
Ата-энем…………………………………………………….. 49
Мамидинова Майрашка……………………………………. 50
Жакшы жактан өрнөк бол…………………………………. 51
Ой толгоолор……………………………………………….. 53
Кечиргиле оо элим чындыкты бетке айтканда…………….. 55
Кунзуд Ниязовага…………………………………………… 57
Куланчыга *(кесиптешим Орунбеокв Куланчыга)*………….. 58
Балдарыбыз билбей калсын согушту……………………….. 59
Жеңиш *(Улуу жеңиштин 68-жылдыгына карата)*……… 60
Сен үчүн…………………………………………………….. 61
Тирүүсүңөр *(Кесиптештеримин элесине)*………………….. 61
Жаңы жыл 2017……………………………………………. 63
Апапак кар ачык кирсиз өнөктөр………………………….. 64
Шашылышат мектепке (1-сентябрь)………………………. 67
Окуучулар ыйыгым………………………………………… 68
Бул өмүр............................................................................. 68

Балдарым деп жашадым...................................................... 70
Жакын элем атама……………………………………………… 73
Кооз жер деген «Көңдүк кана»……………………………. 75
Дүйнөгө биз гана жаралгандай……………………………….. 77
Көңүлүмдү улап кой………………………………………… 78
Кооз жер «Көңдүк» коргойлу……………………………… 81
Күндөлүктөн……………………………………………… 83
Кыз баланы узатуу батасы.................................................. 104
Уул балага бата................................................................... 106
Кайын энеге же күйөө балага айтылган кошок.................. 107
Кошоктор.......................................................................... 107
Туугандарга кошок............................................................. 110
Эрки менен уят болсо дилинде.............................................. 111
Мезгил.............................................................................. 112
Тирүүлүктөн сен уткан........................................................ 113

**БЕКБОЛОТОВА АЙШАИМ**

# БУЛ ӨМҮР

Техредактору: Тойчубаев Акылбек
Калыпка салган: Ыкыбал уулу Элдияр

Басууга 16.03.2017-ж. кол коюлду. Басууга кол коюлду 13.05.2017-ж. Кагаздын форматы 60х84 1ү16.
Көлөмү 7,25 басма табак. Нускасы 100, Буюртма №9

Ош шаары, Курманжан датка көчөсү-236
Тел. 0779 77 77 89, 0778 500 488